Г. И. Друженьков Е. С. Друженькова
А. С. Ажибеков

# Кыргызстанда кроссбред жүндүү койлорду өстүрүү



Г. И. ДРУЖЕНЬКОВ Е. С. ДРУЖЕНЬКОВА,
А. С. АЖИБЕКОВ
айыл чарба илимдеринин кандидаттары

# Кыргызстанда кроссбред жүндүү койлорду өстүрүү

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1984

46.6—4
Д 76

**Друженьков Г. И., ж. б.**

Д 76 Кыргызстанда кроссбред жүндүү койлорду өстүрүү /Г. И. Друженьков, Е. С. Друженькова, А. С. Ажибеков. — Ф.: Кыргызстан, 1984. — 72 бет, табл., ил.

Бул китепте эт-жүн багытындагы тяньшань тукумундагы койлорду асыл тукумдаштыруу жана аны жергиликтүү шартта өстүрүүнүн жолдору жөнүндө сөз болот. Ошондой эле кой этин жана кроссбред жүнүн өндүрүүнүн натыйжалуулугу, аны мындан ары өнүктүрүүнүн багыттары тууралуу баяндалат.

Китеп селекционерлерге, зоотехниктерге, илимий кызматкерлерге, мал чарба адистерине арналат.

Д $\frac{3804020400-57}{М\ 451(17)-84}$ 131—84

636.3
ББК 46.6—4

Рецензент *С. Жетимишов*

© «Кыргызстан» басмасы, 1984.

# КИРИШ СӨЗ

«1981—1985-жылдарда жана 1990-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында» Кыргыз ССРинде уяң жана жарым уяң жүндүү кой чарбасын мындан ары карай өнүктүрүү милдети коюлган. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын XVII съездинде белгиленгендей, республикада он биринчи беш жылдыктын акырына чейин ар бир койдон жүн кыркуу 3,4 кг га, мамлекетке тапшырылуучу ар койдун орточо тирүүлөй салмагы кеминде 40 кг га жеткирилүүсү тийиш деп көрсөтүлгөн.

КПСС Борбордук Комитетинин май (1982-ж) Пленумунда кабыл алынган партиянын Азык-түлүк программасында эт азык-түлүгүн керектөө калктын ар бир адамына эсептегенде 70 кг га жеткирүү белгиленген. Мал чарбасынан түшкөн кирешелердин 60% тен ашыгы кой чарбасынан алынат. Эт балансасында кой этинин үлүшү 47—52, Нарын областында 74—80%ке барабар. Республикада койдун үч тукуму — кыргыздын уяң, тяньшань жарым уяң жана алай жарым кылчык жүндүү койлору түзүлгөн. Ушунун негизинде кой чарбасында продуктуулуктун үч багыты пайда болду.

Нарын областынын айыл чарба өндүрүшүнүн негизги тармагы кой чарбасы болуп эсептелет. Областтын Ат-Башы, Кочкор, Жумгал райондорунда кыргыздын уяң жүндүү, Ак-Талаа, Тянь-Шань жана Тогуз-Торо райондорунун

чарбаларында тяньшань тукумундагы жарым уяң жүндүү койлор өстүрүлөт.

Койдун эт-жүн багытындагы кроссбред жүндүү тяньшань тукумунун бекитилгенине он беш жылдан ашуун убакыт өттү. Ушул кыска мезгилдин ичинде бул тукумдагы койдун саны бир миллионго жакындады.

Белгиленген зонадагы колхоздор менен совхоздордо жогорку сапаттагы эт жана кроссбред жүнүн өндүрүүнү көбөйтүү максатында кой чарбасында асылдандыруу иштерин максатка ылайык жүргүзүү, тяньшань тукумундагы койлордун таза тукумдагысынын үлүшүн жогорулатууну тездетүү, алынган продукциялардын сапатын жакшыртуу жана өндүрүштө алдыңкы технологияны колдонуу талап кылынат.

Бул китепте Кыргыз ССРинде кроссбред багытындагы койлордун биологиялык өзгөчөлүктөрү чагылдырылып, асыл тукум жана товардык чарбалардын милдеттерине ылайык асылдандыруу иштеринин негизги багыттары берилди. Ошондой эле кой чарбасынын алдыңкы технологиясынын айрым элементтери жөнүндө сөз козголуп, кой этин жана кроссбред жүнүн өндүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугу көрсөтүлөт.

Китепти жазууда авторлор тарабынан жүргүзүлгөн көп жылдык илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары, алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктеринин айрым мисалдары пайдаланылды.

## КРОССБРЕД ЖҮНДҮҮ КОЙ ЧАРБАСЫН ӨСТҮРҮҮЧҮ ЗОНАНЫН ТАБИГЫЙ-КЛИМАТТЫК ШАРТТАРЫ

Тяньшань кою Нарын областынан Ак-Талаа, Тянь-Шань жана Тогуз-Торо райондорунда өстүрүлүүдө. Бул райондор борбордук Тянь-Шань деңиз деңгээлинен 2500—4500 миң метр бийиктикте жайгашкан. Зонанын рельефин бийик тоолуу адырлар, ойдуңдар, жылга-жыбыттар, кокту-колоттор, капчыгайлар түзөт.

Мында жалпы жер аянтынын 70 процентке жакыны айыл чарбасына жарамдуу жер. Мунун ичинен 4 проценти айдоо жери, 95,2 процент табигый жайыт жана чөп-чабынды болуп саналат. Айдоо жерлеринин аздыгы, айыл чарбасына жарактуу жердин структурасында табигый жайыттардын көп болушу, бийик тоолу жайыттардагы чөптүн жапыс өсүшү Нарын областынын бардык колхоздорунда жана совхоздорунда негизги тармак катарында кой чарбасын өстүрүүгө шарт түзөт.

Борбордук Тянь-Шандын климаты өтө континенталдуу, айрыкча түштүк жана чыгыш бөлүгүнүн климаттык шарттары эң татаал. Аба ырайы тез-тез өзгөрүлүп турат. Деңиз деңгээлинен улам бийиктеген сайын абанын температурасы төмөндөп жылуулук балансасы начарлайт.

Деңиз деңгээлинен улам бийиктеген сайын жаандын жаашы кээде көбөйүп, кээде, кайра азаят. Өрөөндөрдүн климаттык өзгөчөлүктөрүнө жараша жаандын өлчөмү

да ар түрдүү. Жаан-чачындын көп жылдык орточо суммасы 257—366 мм ди түзөт.

Бийик тоолу өрөөндөрдүн табыгый өсүмдүктөрү ар түрдүү. Улам жогору бийиктеген сайын кургак талаа, шалбаалуу талаа, субальпы жана альпы алкактарына бөлүнөт. Талаа алкагы өрөөндүү жана тоо тегинен орун алып, бетегелүү — туланду келет. Тоо этектеринен альпылык алкакка чейин дан баштуу бетеге жана эдельвейс аралаш бетегелүү шалбаалуу талаалар кездешет. Бул тилкенин шалбаалуу талааларында жана шалбааларында ар түрдүү чанактуу чөптөр көп өсөт. Мында жапыс чөптүү альпы шалбаалары, бетеге, тулаң, эдельвейс өскөн шалбаалуу талаалар, тоолордун тескей беттеринде доңуз сырты басымдуулук кылат. Альпы тилкесиндеги шалбаалардын чөбү жапыс келип, бийиктиги көпчүлүк учурда 20—30 см ден ашпайт. Ал эми Тогуз-Торо районунун шалбаалары да бийик жерге жайгашкан.

Бийик тоолу зонанын табигый-климаттык мындай катаал шарттарында чыдамдуу эт-жүн багытындагы койлорду өстүрүүгө ыңгайлуу экендигин тажрыйба көрсөттү. Зонадагы жайыттар сезондуу пайдаланылат.

## КРОССБРЕД ЖҮНДҮҮ ТЯНЬШАНЬ ТУКУМУНДАГЫ КОЙДУН БИОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Койдун тышкы дене түзүлүшү.** Койдун башы чоң жана бир аз узун, айрымдарынын тумшугу саал ийрирээк. Башы жүндүү келип, кээде көзүн жаап калат. Алдыңкы бутунун кырк муунуна, арткы бутунун толорсугуна чейин жүн өсөт. Койдун төшү да, боору да жүндүү. Таноосу кенен келет, мүйүзү болбойт, мойну жоон, булчуңдуу. Буттарынын узундугу орточо, туяктары чымыр келет.

**Койдун тирүүлөй салмагы жана эт продуктуулугу.** Академик М. Ф. Иванов уяң же жарым уяң жүн берген жана сапаттуу эт берген койдун гана келечеги кең экен-



Тяньшань тукумундагы өндүргүч кочкор

дигин баса көрсөткөн. Ошондуктан бул тукумдагы асыл тукум койдун тирүүлөй салмагын көбөйтүүгө жана алардын тез жетилишине негизги көңүл бурулган.

Тяньшань тукумундагы койлордун эң баалуу биологиялык өзгөчөлүктөрүнүн бири — анын чарбалык жактан пайдаланууга эрте жетилүүсү. Жакшылап бакканда алардын тирүүлөй салмагы жогорулап, тез жетилет. Энесинен ажыратканда төрт айлык козулардын орточо тирүүлөй салмагы 33—34 кг ды түзүп, соолук койлордун салмагынын 50—60% тин түзөт. Бул тукумдун өзгөчөлүгү 7—8 айлык козулардын сапаттуу арбын эт алууга мүмкүндүк берүүсүндө. Эгерде алардын салмагы 38—40 кг болсо, андан 18—20 кг накта эт алынат. Кроссбред жүндүү эт-жүн багытындагы койлордун ушул касиетин

пайдалануу — каражатты жана аз эмгек жумшап, арбын эт алууга мүмкүндүк түзөт.

Бул тукумдагы койдун ушул баалуу касиетин — эрте жетилүүсүн аныктоо максатында атайын тажрыйбалар жүргүзүлгөн.

Козулардын туулгандагы салмагы 4,7—4,8 кг болуп, энесинен бөлгөндө же 4—4,5 айлыгында салмагы 32,1—34,7 кг га жетет. Эгерде 18 айлыгына чейин козунун жалпы кошумча өсүшүн жүз процент деп эсептесек, төрт айлыгында бычылган козулардын кошумча салмагы 61,7%, алты айлык кезинде — 71,% жана сегиз айлыгында 75,5% болду.

Эт-жүн берүүчү козуларды өстүрүүдө жашына жараша тоюттандыруунун жана багуунун тиешелүү шарттарын түзүү керек. Бул жаш организмге жакшы таасир тийгизүү менен тяньшань тукумундагы козулардын өсүшүнүн жана жетилишинин потенциялдык мүмкүнчүлүгүнүн толук аракетке келишин тездетет.

Кроссбред жүндүү тяньшань кою жайыт отуна жакшы семирет. Айрым алдыңкы чабандар койду жайытта багып семиртүүнү мыкты уюштуруп, ириктердин орточо тирүүлөй салмагын 71—75, тубар койлордукун 50—55 кг га жеткиришип жатышат. Мисалы, Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын чабаны Жарпиев Асан 1980-жылы карамагындагы 700 ириктин ар биринин салмагын 71 кг га жеткирип, көпчүлүгүн жогорку семиздикте этке тапшырган. Ириктерди сойгондо бой эти 55%, сулп этинин чыгышы 80%ти түзгөн.

Тажрыйбалар көрсөткөндөй, бул тукумдагы козулардын тез жетилүү касиети — алардын туулган жылы эле этке тапшыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусунда. Себеби 8 айлык козулар жайытта багып семиртүүдөн кийин орточо салмагы 40—43 кг ды басуу менен сойгондо 48% бой эт алынып, сулп этинин чыгышы 76—77% ке чейин жеткен.

Эттин химиялык составын изилдегенде, бир килограмм сулп эттин калориялуулугу ириктердики 3669,



Тяньшань тукумундагы токтулар

8 айлык козулардыкы — 3476 килокалорияга барабар болгон. Ал эми эттеги белок менен майдын сандык катышы 1:1 ге жакын келет. Бул эттин жакшы сиңимдүүлүгүн көрсөтөт.

**Жүн продуктуулугу жана анын технологиялык касиети.** Тянь-Шань тукумундагы койлордон кроссбред жана кроссбред тибиндеги жарым уяң жүн алынат. Кроссбред жүнүнүн ичкелиги 58 ден 46-сапатка чейин болот. Жүнү жибектей үлпүлдөп ичкелиги жана узундугу бир кылка болуп бышык келет. Мындай жүн өнөр жайы тарабынан трикотаж кийимдерин, килемдерди, техникалык сукнолорду жана атайын кездемелерди даярдап чыгаруу үчүн баалуу сырьё болуп эсептелет. Демек, тяньшань тукумундагы койдун жаралышы менен кыргыз республикасы өлкөгө кроссбред жүнүн тапшыруу боюнча ири районго айланды.

Бул тукумдун селекциялык-асылдандыруу иштеринде койдун жүн продуктуулугуна жана сапатына зор көңүл бурулат. Ошондуктан, бир койдон орточо кыркылып алынган жүндүн көрсөткүчү боюнча бул тукум эт-жүн багытындагы башка тукумдардан калышпайт.

1981-жылы Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясы 42 миңден ашуун койдун ар биринен орточо 4,04 кг же 2,73 кг таза була алуу боюнча республикада кой чарбасы боюнча алдыңкы орунда турган Оргочор кой чарба тажрыйба станциясынан кийинки экинчи орунду ээледи.

Жүнү топтошуп учтары самсаалап турат. Тяньшань коюнун жүнүнүн (руносунун) мындай түзүлүшү бийик тоолу катаал шартка байланыштуу. Себеби бул аймакта абанын температурасы жыл бою жана сутканын ичинде тез-тез өзгөрүлүп, кар, жаан, кээде кургак шамал кездешкендиктен болот. Ошондуктан, мындай өскөн жүндүн арасына суу, чаң өтпөйт жана организмди суукка чалдыгуудан, тердөөдөн сактайт. Жүнү чыбаштуу келип, анын өңү саргыч түстө оңой жуулат. Тармалдыгы жүндүн бардык узундугу боюнча созулуп уч жагы түз келет.

Кроссбред жүнүнүн узундугунун мааниси чоң. Жүндү класстоонун техникалык шартына ылайык биринчи класска узундугу 11 см ден кем эмес, экинчи класска 9 дан 11 см чейинки жүн кирет. Ал эми кроссбред тибиндеги жүнгө 7 ден 9 см узундуктагы жүн таандык, 7 см ден аз болсо кыска жүн деп аталат. Тяньшань коюнун жүнүнүн узундугу: өндүргүч кочкордуку — 15,8, толуктоочу козу кочкордуку —19,8, соолук койдуку —12,7—13,8, токтунуку —17,8—17,9 см өлчөмүндө болот.

Тяньшань тукумундагы койлордун жүнүнүн узундугу бардык топтогулар боюнча каалаган селекциялык тип үчүн белгиленген талаптан жогору.

Жүндүн физикалык касиеттеринин дагы бири анын чыйрактыгы болуп эсептелет. Бышык кездемелер бекем жүндөн гана иштелип чыгат. Кыргызстан мал чарбасы

боюнча илимий-өндүрүштүк бирикмесинин жүндүн селекциясы лабораториясынын изилдөөлөрү боюнча тяньшань коюнан кыркылган жүндүн чыйрактыгы мыкты экендиги аныкталган. Эгер жарым уяң жүндүн үзүлүү узундугу 8 км ди түзсө, анда мындай жүндү бышык деп коюшат, ал эми аталган тукумдагы койдун жүнүнүн үзүлүү узундугу 9—10 км ден ашат.

Таза жүндүн чыгышынын проценти өтө жогору. Тукум боюнча орточо көрсөткүч 68—70%ти түзөт.

Жүн өнөр жайынын Борбордук илим-изилдөө институтунда Жаңы Зеландиянын кроссбред жүнү менен тяньшань коюнан алынган кроссбред жүнүн изилдеп көрүшкөндө тяньшань коюнун жүнүнөн ийрилген жиптин технологиялык сапаты жакшы болуп, чыйрактыгы нормадагыдан 15—20% ке жогору болгон.

Академик А. И. Николаев бул жүндүн сапаты жөнүндө: «тармалдуулугу люстрадай жакшы жалтырактыгы менен бул жүн кроссбред жүнүнүн талабына толугу менен жооп берет жана өзүнүн негизги сапаттык белгилери боюнча дүйнөгө кеңири белгилүү Жаңы Зеландиянын кроссбред жүнүнөн кем калышпайт» деп белгилеген.

**Койлордун төлчүлдүгү.** Тяньшань тукумундагы койлордун төлдүүлүгүнүн орточо көрсөткүчү жүз тубардан 110—115 ден козу алынат. Алдыңкы чабандар ар жүз соолуктан 170ке чейин төл алууга жетишишет. Мисалы, Тяньшань районундагы Куйбышев атындагы колхоздун чабаны Ибраев Райымкул ар жүз тубардан 160га чейин козу өстүрүп, энесинен бөлүп берүүгө жетишкен. Ал эми Тяньшань мал чарба тажрыйба станциясы чарбадагы 18 миң койдун ар жүзүнөн жыл сайын 103—105тен төл алууда.

**Тукум куучулдугу.** Бул тукумдагы койлор өзүнүн асыл тукумдук касиетин тукумдан-тукумга сактап калууга жөндөмдүү. Өз ичинен кочкор салып өстүргөндө элита классындагы койлордун 85—90% ти, элита классындагы кочкорлор менен биринчи класстагы соолуктар-

дан алынган 70—75% төлү ушул тукумдун каалаган тибине жооп берет. Ал эми тяньшань тукумундагы кочкорлор менен уяң жүндүү соолуктарды аргындаштыруудан алынган төлдүн 67, жарым уяң жүндүү соолуктардан алынган козулардын 80% ке чейинкиси ушул тукумдун тибине ылайык келет. Кан сиңирме аргындаштырууну пайдаланганда экинчи жана үчүнчү муундагы козулардын 97—99 проценти тукум жакшыртуучу касиеттерине ээ болот. Өнөр жайлык аргындаштырууда козулардын 50—65% ти кроссбред жүндүү болуп чыкты.

**Койлордун сүттүүлүгү.** Козуларды өстүрүүдө соолук койлордун сүттүүлүгүнүн мааниси чоң. Сүттүү койлордун козулары айрыкча алгачкы төрт айдын ичинде тез чоңоюшуп, семиз болот.

Тяньшань тукумундагы койлордун 140 күндүк саан күнүнүн ичинде 150, айрымдары 170 кг га чейин сүт берет. Алардын мындай сүттүүлүгү козулардын тез жетилишине өбөлгө түзөт. Мисалы, сүт эмүүнүн төрт — төрт жарым айында козулар орточо суткасына 260—300 граммдан салмак кошушат.

## ТЯНЬШАНЬ ТУКУМУНДАГЫ КОЙЛОРДУ РАЙОНДОШТУРУУ

Эл чарбасынын кой чарбасынан алынуучу продукцияларга болгон талабын канаттандыруу үчүн колхоздор менен совхоздордо чарбалык жана уюштуруучулук иш чаралардын комплексин ишке ашыруу менен катар койдун тукумун жакшыртуу, санын өстүрүп, продуктуулугун көтөрүү боюнча иштер жүргүзүлөт. Ошондуктан, тигил же бул тукумдагы койлордун биологиялык өзгөчөлүктөрүн жана ошол зонанын табигый-климаттык шарттарын эсепке алуу менен аларды өстүрүү үчүн ыңгайлуу райондорго жайгаштыруу чоң мааниге ээ. Мында ошол тукумдун продуктуулугунун деңгээли, анын сапаты, кон-

ституциялык түзүлүшүнүн чыйрактыгы жана ошол аймактын табигый-климаттык шартына көнүккөндүгүнө да көңүл бөлүнөт. Продукциянын бирдигине карата эмгекти жана акча каражаттарын үнөмдүү пайдаланып, тармактын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу шарттары да эсепке алынат.

Тяньшань тукумундагы койлор бийик тоолу шартка мыкты көнүккөндүгү менен айырмаланат. Бул тукумдун мына ушундай артыкчылыктарын эске алып, жогоруда белгиленген принциптерге таянуу менен тяньшань кою бийик тоолу Нарын областынын Ак-Талаа, Тянь-Шань жана Тогуз-Торо райондоруна жайылууда.

Ошентип, аталган райондордун кой чарба кызматкерлери үчүн жаңы жогорку сапаттагы кой этин жана кроссбред жүнүн өндүрүүнү көбөйтүү боюнча республикабызда ири база пайда болду.

## КРОССБРЕД ЖҮНДҮҮ КОЙ ЧАРБАСЫНЫН ӨНҮГҮШҮНҮН АЗЫРКЫ АБАЛЫ

**Койлордун сан жагынан өсүшү.** Тяньшань тукумундагы койду өстүрүү жана райондоштуруу боюнча бул зонадагы жалпы койдун саны 850 минди түзүп, областтын чарбаларындагы койдун 39% тине барабар болгон. Ал эми тяньшань тукумундагы койлор азыркы күндө областтагы койдун 33, белгиленген зонадагы койдун 85,4% тин түзөт.

Кроссбред жүндүү кой чарба зонасында тяньшань тукумундагы койлорду жана анын аргындарын 22 ге жакын чарба өстүрөт. «Куланак», Ак-Талаа районундагы Ленин атындагы, «Жеңиш» колхоздору кыргыздын уяң жүндүү коюн өстүрүшөт. Мына ушул аталган чарбалардын эсебинен Тяньшань районунда жаңы тукумдагы койлордун үлүшү 88,1%, Ак-Талаада — 75% тин түзөт.

Азыркы учурда кроссбред жүндүү кой чарба зона-

сында тяньшань тукумундагы койлордун санынын көбөйүшү менен асыл тукум-селекциялык иштерин жакшыртуу менен катар, койлорду таза тукумга айландыруу милдети коюлуп отурат. Бул үчүн өз ичинен кочкор салып өстүрүү жана кан сиңирме аргындаштыруу ыкмалары кеңири колдонулуп жатат.

Жаңы тукумдагы койдун түзүлгөнүнө жана аны башка райондорго жайылтууга жыйырма жылга жакын убакыт болсо дагы таза тукумдагы койлордун үлүшү жай өсүүдө. 1980-жылдын 1-январына карата жүргүзүлгөн породалуу малды каттоонун жыйынтыгы боюнча бул зонадагы өстүрүлүп жаткан тяньшань тукумундагы койлордун таза тукумдагысы 215 миңди түзгөн.

Таза тукумдагы койдун тукумунун жай өсүп жатышы жана Ак-Талаа районунда төмөндөп кетиши акыркы жылдарда айрым чарба жетекчилеринин жана адистеринин жоопкерсиздигинин натыйжасында бир катар колхоздор менен совхоздордо тяньшань тукумундагы койду райондоштурууга көңүл бурулбай жатат. Жарым уяң кроссбред жүндүү кой өстүрүүчү зонага башка тукумдагы койлорду сатып келип өстүрүүгө аракеттер көрүлгөндүгү байкалат. Бирок чарбасыздыктын натыйжасында коомдук малды чыгымдарга көп учуратышып, малдын башын башка жактан мал сатып келүүнүн эсебинен өстүрүүгө аракеттенген учурлар аз эмес. Алып айтсак, 1979—1980-жылдары Тянь-Шань районундагы Ленин атындагы, «Жаңы-Талап», Ак-Талаа районундагы «1-май», Карл Маркс атындагы, Тогуз-Торо районундагы «Кызыл-Жылдыз» колхоздоруна кыргыздын уяң жүндүү коюнун кочкорлорун жана токтуларын сатып келүү фактылары кездешкен. Ошондой эле чарбалардын асыл тукум иштери боюнча зоотехниктери селекциялык иштерин жүргүзүүдө, жупташтыруу планын түзүүдө жана койлорду жасалма жол менен уруктандырууну уюштурууда кемчиликтерге жол беришкендиктен асыл тукумдук эсеп-кысап иштери жөнгө салынбай жатат. Демек, селекционерлердин милдети бул зонадагы чарбаларда

кан сиңирме аргындаштыруу ыкмасын максатка ылайык жүргүзүүдө жана жупташтыруунун жакшыртуучу принциптеринургалдуу пайдаланууда турат.

Белгиленген зонага тяньшань тукумундагы койлорду жайылтып анын санын өстүрүүдө башка негизги факторлор менен катар асыл тукум мал заводу болуп эсептелген Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын жана 1977-жылы апробацияланган Тянь-Шань районундагы Куйбышев атындагы колхоздун асыл тукум фермасынын ролу чоң. Жыл сайын бул аталган чарбаларда кой кыркындан кийин асыл тукум койлорду зонадагы башка чарбаларга таратуу жүргүзүлөт. 1963-жылдан 1981-жылга чейин асыл тукум мал өстүрүүчү чарбалар зонадагы колхоз—совхоздорго 160 миңден ашуун соолук кой, козу кочкор жана токту сатышкан.

1966—1970-жылдарга салыштырганда 1976—1980-жылдары асыл тукум кой сатуу 2 эсеге көбөйгөн. Сатылган козу кочкорлордун 30%тен ашыгы элита жана токтулардын 35%ти биринчи класста болгон.

Асыл тукум мал өстүрүүчү чарбалардын негизги милдеттеринин бири зонадагы колхоздорго жана совхоздорго жогорку продуктуулугу мыкты асыл тукум малды жайылтуу болуп эсептелет. Алар асыл тукум-селекциялык иштерди өркүндөтүп, малды айрыкча жаш мезгилинде багууну жана тоюттандырууну жакшыртуу менен жогорку класстагы асыл тукум козу кочкорлорду жана токтуларды таркатуулары тийиш. Себеби зонадагы өстүрүлүп жаткан койдун тукумдук сапатынын жакшырышы, анын продуктуулугунун өсүшү ошол асыл тукум иштерин сапаттуу жүргүзүүгө байланыштуу. Ал эми ушул асыл тукум малды сатып алган чарбалар багуунун жана тоюттандыруунун нормалдуу шарттарын түзүүгө жетишүү керек, себеби, асыл тукум мал өстүргөн чарбаларда товардык чарбаларга салыштырганда малдын короо-сарайлар менен камсыз болушу, тоюттандыруу деңгээли жогору турат. Ошондуктан, мындай шарт түзүлбөгөн учурда алар өзүнүн продуктуу-

лугунун потенциалдуу мүмкүнчүлүгүн көрсөтө алышпай калышы мүмкүн.

Ошентип, койдун сан жагынан өсүшү менен катар, анын сапаты дагы өркүндөөдө. Максатка ылайык жүргүзүлгөн асыл тукум иштеринин натыйжасында тяньшань тукумундагы койдун класстык составы да жылдан жылга өсүүдө. Буга мисал катары төмөнкү таблицада келтирилген Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясындагы койдун класстык составынын өсүшүнөн байкоого болот.

*1-таблица*

**Тянь-Шань тажрыйба станциясында тяньшань тукумундагы койдун классынын составынын өзгөрүүсү (бонитировканын маалыматтары боюнча)**

| Жылдар | Койдун кайра өндүрүүгө жарактуу бөлүгүнүн саны | Анын ичинде: Элита саны | Элита % менен | I-класс саны | I-класс % менен | Керектүү типтеги кой саны | Керектүү типтеги кой % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1966 | 25751 | 2089 | 8,2 | 13573 | 52,7 | 15662 | 60,9 |
| 1969 | 27657 | 2015 | 7,4 | 17524 | 64,2 | 19539 | 71,6 |
| 1974 | 27972 | 2694 | 9,7 | 21982 | 78,8 | 24676 | 88,5 |
| 1980 | 26904 | 3061 | 11,8 | 21329 | 82,2 | 24390 | 94,0 |
| 1981 | 27090 | 2848 | 11,0 | 21698 | 83,5 | 24546 | 94,5 |
| 1982 | 27200 | 3101 | 12,1 | 21005 | 81,8 | 24106 | 93,9 |

Эгерде, 1966-жылы тажрыйба станциясында керектүү типтеги койдун үлүшү 60,9% түзүп, анын ичинен элита классындагы койлор 8,2, биринчи класстагылар 52,7% ке барабар болсо, ал эми 1982-жылы жогорудагыдай тартипте алганда 93,9 жана 12, 1% ке жеткен же башкача айтканда, жыл сайын орточо эсеп менен 2,2% ке өскөн.

Тяньшань тукумундагы койлорду өстүрүү боюнча асыл тукум мал заводу болуп эсептелген Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында керектүү типтеги малдын үлүшү-

нүн өсүшү бул тукумдагы койду өстүргөн зонанын колхоздору менен совхоздорундагы койдун асыл тукумдук жана продуктуулук сапаттарынын уламдан-улам жакшырышына өбөлгө болууда.

Онунчу беш жылдыктын жылдарында область боюнча дагы ошончо сандагы эле кроссбред жүндүү этке өткөрүлгөн койлордун орточо салмагы жогорулап бара жаткандыгы байкалат. Демек зонада кой этин дүң өндүрүүнүн өсүшү этке койду көп санда гана төгүүнүн эсебинен эмес, анын продуктуулугун өстүрүүнүн натыйжасында да камсыз болууда. Алып айтсак, Нарын областында 1976-жылы этке тапшырылган бир койдун орточо салмагы 37 кг айланса, 1981-жылы 43 кг түзгөн. Ал эми кроссбред жүндүү зонада бул көрсөткүч ушул мезгилдин ичинде 38—43 кг чейин өскөн.

1976—1980-жылдарда зонада этке өткөрүлгөн койлордун орточо тирүүлөй салмагы 43 кг дан айланып, областтык көрсөткүчкө караганда 2 кг жогору, анын ичинде Ак-Талаа районунун чарбалары орточо — 39, Тянь-Шань району — 44 жана Тогуз-Торо районунда — 49 килограммдан мамлекетке тапшырышкан.

Бул породадагы койдун артыкчылыгын төмөндөгүдөй дагы бир мисалдан ырастоого болот. Ак-Талаа районундагы Жданов атындагы колхоз Тяньшань тукумундагы койду өстүрөт, 1981-жылы бул чарбада этке өткөрүлгөн 19 миң койдун орточо салмагы 43,7 кг дан айланып, ал кошуна жайгашкан кыргыздын уяң жүндүү коюн өстүргөн «Жеңиш» колхозуна салыштырганда 3,7 кг га жогору болгон.

Тяньшань тукумундагы койлор жайытта мыкты семирүүгө жөндөмдүү экендигин айтпай кетүүгө болбойт. Алсак, зонада этке өткөрүлгөн койлордун 52,3% жогорку, 28,5% орто семиздикте болсо, ушундай эле тартипте алганда Тогуз-Торо районунда — 82; 7,0; Тянь-Шань районунда 52,0; 30,0; Ак-Талаа районунда 43,0; 34,0% ти жогорку жана орто семиздикти түзгөн.

**Жүн өндүрүүнүн деңгээли.** Жарым уяң жүндүү кой чар-

басын өстүргөн зонадагы колхоздор менен совхоздордо тянь-шань тукумундагы койлордун санынын жана продуктуулугунун артышы анын асыл тукумдук сапатына байланыштуу кроссбред тибиндеги жүндү өндүрүү дагы жогорулоодо. 1969-жылы республикада өндүрүлгөн кроссбред жүнүнүн үлүшү 1,0% гана болсо, 1974-жылы ал 667,5 тоннага жетип, жүндүн 2,1% тин түзсө, 1980-жылы 1150 тоннага же анын салыштырма салмагы 3,0% ке жеткен. Ал эми мунун ичинде Тогуз-Торо райондорунун чарбаларында жалпы өндүрүлгөн жүндүн 68,9%, Тянь-Шань районунда—47,0 жана Ак-Талаа районунда—10,7 процентин кроссбред жүнү түзгөн. Тяньшань тукумундагы кочкорлор менен кан сиңирме аргындаштыруудан кийин уяң жүндүү же жарым уяң жүндүү X кылчык жүндүү соолуктардан алынган экинчи — үчүнчү муундагы козулардын 70—80% кроссбред жүнүн берет.

Кроссбред жүнүнүн зонадагы райондорду ичинен Ак-Талаа районунун чарбалары гана аз өндүрүүдө, себеби, бул райондо али да болсо аргын койлордун үлүшү көп болуп, тукумдук жактан кайра түзүү процесси жай жүргүзүлүүдө. Ошондой эле айрым чарбаларда жүндү класстоонун техникалык шарттары бузулууга жол берилип, кроссбред жүнү жарым уяң жүн катары классталып кеткен учурлары да кездешет.

Жүн продукциясын өндүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бири—бир койдон орточо кыркылып алынган жүндүн кыркымы болуп эсептелет. Акыркы жылдарда кроссбред жүндүү кой чарбасын өстүргөн зонада жүн кыркымы өсүүдө. 1981-жылы зонада жыл башындагы 868 миң койдун ар биринен орто эсеп менен 3,1 кг дан жүн кыркылып алынса, Тянь-Шань районунда — 3, 19, Тогуз-Тородо — 2,7 жана Ак-Талаа районунда — 3,2 кг дан айланган.

Ар бир койдон жүн кыркып алуу зонада 1981-жылы 1966-жылга салыштырганда 0,7, ал эми 1974-жылга караганда 120, Ак-Талаа районунда бул мезгилдердин ичинде тиешелүү түрдө 40 жана 200 граммга жогорулаган.

Жүн өндүрүүнү көбөйтүү боюнча зонанын колхоздору менен совхоздору мүмкүнчүлүктөргө ээ экендиги чарбалардагы койдун жүн продуктуулугу жүн кыркымынын физикалык салмактагы көрсөткүчү боюнча топтоштуруу аркылуу талдоо жүргүзгөнүнөн көрүнүп турат. Зонадагы 22 чарбанын үчөө 19,7% же бир койдон орточо 2, 61 кг дан жүн кыркып алышса, тогуз чарба 40,9% же — 2,9 кг, сегиз чарба 36,4% же — 3,24 кг дан жүн кыркып алган. Ал эми калган экөө тиешелүү түрдө 3,6% же 4,04 кг дан кыркышкан. Эгерде 3 кг дан кем кырккан 12 чарба жүн кыркымын 3,24 кг га жеткирсе, анда кошумча дагы 163 тонна жүн алууга мүмкүн болор эле. Тяньшань койлорунун тукумдук өзгөчөлүгүнө байланыштуу таза буланын чыгышы өтө жогору. Зонада бул көрсөткүч 63,4%ти түзсө, Тянь-Шань районунда 64,9, Тогуз-Тородо — 67,9 жана Ак-Талаа районунда 59,4% ке барабар. Натыйжада жүндүн таза була боюнча кыркымы да жогору.

Кроссбред жүндүү кой чарбасын өстүргөн зонага кирген үч райондо жүндүн орточо кыркымы физикалык салмакта 3,11 кг дан айланган, ал эми таза булага эсептегенде 1,97 кг ды түзөт. Областтын уяң жүндүү кой чарбасын өстүргөн үч райондо жүн кыркымы 3,61 кг га барабар болуу менен жарым уяң жүндүү кой чарба зонасына караганда 0,5 кг жогору, бирок таза буланын салмагы боюнча эсептегенде 90 граммга аз. Таза буланын чыгышы биринчи зонада 63,4% ке, экинчисинде — 52,1% ке барабар.

Бул тукумдагы койдун жүн продуктуулугунун потенциалдык мүмкүнчүлүгүн төмөнкү таблицада келтирилген Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын 1982-жылдагы маалыматтарынан көрүүгө болот.

Демек, таблица айгинелегендей бул тукумдагы койлорду белгиленген рацион боюнча туура тоюттандырып, жакшы асырап, чыгашага учуратпаса жүн продуктуулугунун жогору болору айкын.

Ошону менен катар мамлекетке тапшырылган жүндүн дагы сапаты жогорулоодо. Алып айтсак, Тянь-Шань мал

*2-таблица*

**Койлордун жүн продуктуулугу (ар бир башка эсептегенде)**

| Жаштын жыныстык топтору | кыркылган баш | орточо кыркымы, кг |
|---|---|---|
| Өндүргүч кочкорлор | 111 | 9,5 |
| Толуктоочу козу кочкорлор | 33 | 8,2 |
| Сатылуучу козу кочкорлор: | | |
| Элита классы | 1015 | 6,4 |
| I класс | 2183 | 5,01 |
| Соолуктар: | | |
| Элита | 1300 | 4,86 |
| I класс | 12351 | 4,2 |
| Тапкыч кочкорлор | 248 | 6,62 |
| Токтулар: | | |
| Элита | 327 | 5,21 |
| I класс | 3591 | 4,69 |
| Ириктер | 8696 | 5,36 |
| Боруктар | 2236 | 4,15 |
| Станция боюнча | 34202 | 4,69 |

чарба тажрыйба станциясы 1981-жылы Токмоктогу жүндү алгачкы иштетүүчү фабрикага таза буланын чыгышы 69,6% ке барабар келген 153 т кроссбред жана кроссбред тибиндеги жүн өткөргөн. Мунун 92,3% руносу боюнча, 136 тонна же 96,3% тинин жүнүнүн узундугу 11 см ден кем эмес болуп, биринчи класстагы жүн катары кабыл алынган. Жалпы жүндүн 54,3% ти нормалдуу абалда деп өткөрүлсө дагы дефектүү (үзүлчөөк) жүн тапшыруу орун алган, анын үлүшү 45,6% түзүп, 1980-жылга салыштырганда 7% ке кыскартылган.

**Койдун структурасы.** Койдун структурасы аларды өз төлүнүн эсебинен өстүрүүнүн, тукумдук жактан жакшыртуунун темпин, алынуучу продукциянын көлөмүн жана сапатын аныктайт. Койдун структурасынын негизги көрсөткүчү болуп анын жыныстык-жаштык топторунун жалпы башына карата салыштырмалуу саны эсептелет.

1982-жылдын башталышына карата кроссбред жүндүү

кой чарбасын өстүргөн зонанын чарбаларында койдун структурасы төмөндөгүдөй болгон: тубарлар — 43,3%, кочкорлор менен ириктер — 25% жана бир жашка чейинки козулар — 31%. Цифралар айгинелеп тургандай оторлордогу тубар койдун салыштырма салмагы анчалык жогору эмес.

Азыркы учурда зонада койдун тубардуулугунун ушундай деңгээлинде структуралык бир башка 15 кг, област боюнча 14 кг кой эти өндүрүлөт. Бул цифра интенсивдештирүүнүн милдетине толук жооп бербейт. Себеби койдун тубардуулугун көбөйткөндө айдоого жарактуу жер аянтынын бирдигине жана жыл башындагы бир койго кой этин өндүрүү көбөйөт жана чыгымдар азайып, кой этинин сапаты жакшырат. Анткени, этке төгүлүүчү малдын негизги тобун бир жашка чейинки козулар түзөт.

Демек, Нарын областында, анын ичинде зонада ар бир чарбанын табыгый-климаттык жана экономикалык шарттарын эсепке алуу менен оторлордо койдун тубардуулугун 50—55% чейин көбөйтүү максатка ылайык.

**Төлдүн алынышы.** Койлордун тукумчулдугу жана жүз баш тубарга козунун алынышы кой чарбасын өнүктүрүүдөгү жана анын продуктуулугун жогорулатуудагы маанилүү фактор болуп саналат. Козулардын көп же аз алынышы жана аны асырап бага билүү бир кыйла даражада кой чарбасынан алынуучу азык түлүктөрдү өндүрүүнү көбөйтүүнүн жана анын санынын андан ары өсүшүнүн мүмкүнчүлүгүн аныктайт. Ошондуктан, койдун төл берүүсү жана жүз койдон канча козу алынгандыгы өндүрүш каражаттарынын бири болгон тубар койду пайдалануунун негизги көрсөткүчтөрүнүн биринен болуп эсептелет.

Кроссбред кой чарбасын өстүргөн зонанын чарбаларында кой төлдөтүү эки мөөнөттө: эрте жазда — мартта жана жазында — апрелде өткөрүлөт. Эрте жазда төлдөтүүгө фермалардагы тубар койдун 80%ти коюлган, эми жазында болсо негизинен кысыр калды (биринчи туут) койлорду төлдөтүүнү жүргүзүшөт.

Алдыңкы чабандар төл алууда бир кыйла жогорку көрсөткүчтөргө жетишип жатышат. Мисалы, Тянь-Шань районундагы «Коммунизм» колхозунан Курманов Каамыт, Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынан Усубалиев Асан, Султанова Светлана, Кашкаров Ашыр, Табалдиев Молдош, Карл Маркс атындагы колхоздон Ишеналиев Жолболду, Куйбышев атындагы колхоздон Ибраев Райымкул, Тогуз-Торо районундагы «Бирдик» колхозунан Мамытбеков Оболбек, Турдубаева Бурулбүбүлөр ар жүз тубар койдон 130—150ге чейин козу алууга жетишип жатышат.

## КРОССБРЕД ЖҮНДҮҮ КОЙ ЧАРБА ФЕРМАЛАРЫНДА АСЫЛДАНДЫРУУ ИШТЕРИНИН НЕГИЗГИ ЫКМАЛАРЫ

Кроссбред жүндүү эт-жүн багытындагы кой чарбасынын башкы милдети продукциянын бирдигин өндүрүүгө материалдык жана эмгек каражаттарын аз чыгымдоо менен кой этин жана кроссбред жүнүн өндүрүүнү көбөйтүү болуп саналат. Алардын санын өстүрүп, продуктуулугун жогорулатууга өз ичинен кочкор салып, тукумдарды аргындаштыруу аркылуу жетишилет. Ал эми анын продуктуулугун жогорулатуу зоотехникалык жана уюштуруучулук иш чаралардын комплексин жүзөгө ашыруу менен камсыз болот. Булардын ичинен эң негизгиси системалуу түрдө асылдандыруу иштерин жүргүзүү болуп саналат.

Көпчүлүк учурда асылдандыруу иштерин селекциялык иштер деп аташат. Селекция деген сөз латын сөзүнөн алынган, сөзмө-сөз которгондо тандоо, ылгоо дегенди түшүндүрөт. Ошондой болсо да асылдандыруу иштери тандоо менен гана чектелбейт. Малдын жакшы тукумдарынын касиеттерин тукумга берүү жөндөмдүүлүгүн каалаган максатта өзгөртүү же жетишүү тандоо жана жуптоо аркылуу гана камсыз болот. Демек, жогорку продуктуулуу мал-

дын тобун түзүү үчүн анын мыктыларын тандоону гана билбестен, алардын каалаган максатка ылайык төл алуу үчүн жупташтырууну да үйрөнө билүү керек.

Асылдандыруу иштерин туура уюштуруу жана дайыма жүргүзүү иш чаралардын бүтүндөй бир комплексинен турат. Алардын ичинен төмөндөгүлөр орчундуу.

Биринчиден, продуктуулугу жана асыл тукумдук сапаты боюнча кабыл алынган багытка жооп бере ала турган дени сак жана конституциясы чоң мыкты малды системалуу түрдө тандоого жетишүү. Тандоонун натыйжалуулугу ошол тандоо жүргүзүүчү сапаттардын тукум куучулугуна, тандоонун интенсивдүүлүгүнө, тигил же бул сапаттардын ортосундагы өз ара байланышка жана алардын санына жараша болот.

Экинчиден, каалаган сапаттарды тукумда сактап калуу үчүн тандалып алынган малдардан аталык-энелик жуп түзүү же башкача айтканда, максатка ылайык жупташтырууга жетишүү керек. Демек, тандоо жана жуптоо малдын тукумдук жана продуктуулук сапаттарын өркүндөтүүдөгү бирдиктүү процесс болуп эсептелет.

Үчүнчүдөн, малдын биологиялык өзгөчөлүктөрүн жана анын продуктуулук сапаттарын эсепке алуу менен тоюттандыруу, багуу жана асыроо шарттарын түзүү зарыл. Организмдин өнүгүшү, анын биологиялык өзгөчөлүктөрүнүн жана тигил же бул сапаттарынын өсүшү генотип менен айлана чөйрөнүн өз ара биримдиктүү аракетинин натыйжасы деп түшүнөбүз. Демек генотиптин аракети, таасири айлана-чөйрөнүн аракетинен, таасиринен бөлүнбөйт. Малдын продуктуулугу организмге жага турган шарттарда мыкты өнүгөт. Ал эми тоюттандыруу жана асыроонун начар шартында генотиби боюнча мыкты мал дагы өзүнүн потенциалдык мүмкүнчүлүгүн көрсөтө албайт, нормалдуу өспөйт жана жогорку продуктуулукту камсыз кыла албайт.

Тандоо жана жуптоону багуу шарттары менен айкалыштырып өткөрүү малдын кийинки тукумунан продук-

туулугу бир кыйла жогору малды алууга мүмкүндүк берип, кабыл алынган багыттагы койлордун чарбалык пайдалуу сапаттарынын өркүндөшүн камсыз кылат.

Ошондуктан тигил же бул климаттык зонадабы же чарбадабы өстүрүп жаткан койдун жана анын жаштык-жыныстык тобуна карай продуктуулугу туруктуу өсө тургандай, ал эми асылдандыруу иштеринде анын өркүндөшүнүн жана андан аркы генетикалык прогрессин камсыз кылуучу шарттарды түзүү керек.

Асылдандыруу иштери бардык колхоз жана совхоздордо тандоо жана жуптоону системалуу жүргүзүү менен ишке ашырылышы тийиш. Бирок, асыл тукум иштеринин деңгээлинин жана методдорунун асыл тукум мал өстүргөн жана товардык чарбаларда өзгөчөлүктөрү бар.

Бир нече муун боюнча кабыл алынган багыттар бир эле сапат боюнча тандоону системалуу жүргүзүү чарбалык пайдалуу сапаттардын ошол эле багыт боюнча өзгөрүлмөлүүлүгүн камсыз кылат. Ошондуктан тандоонун максаты төмөндөгүчө:

а) негизги отторлорду толуктоо жана асыл тукум мал катары сатуу үчүн мыкты койлорду бөлүү; б) кайра өндүрүүгө жараксыз козуларды жана бракталган жашы толук койлорду этке төгүү жана башка жолдор менен чарбадан чыгаруу; в) максатка ылайык жупташтыруу, асылдандыруу иштеринин натыйжаларын контролдоо жана нормалдуу тоюттандырууну уюштуруу максатында койлордун конституциялык-продуктуулук сапаттарына ылайык класстарга бөлүү.

Тяньшань тукумундагы кроссбред жүндүү койлорду тандоо, биринчиден, малдын конституциясы жана продуктуулук сапаттарын (тез жетилүүсү, тирүүлөй салмагы, жүн кыркымы жана анын сапаты, төл бериши, сүттүүлүгү, тоютту актоо жөндөмдүүлүгү жана башка) баалоонун; экинчиден, малдын тегин; үчүнчүдөн, тукумунун сапатын текшерүүнүн негизинде жүргүзүлөт.

Эми оболу асылдандыруу ишинде тандоо кайсыл сапат-

тык белгилер боюнча жүргүзүлөт? Төмөндө мына ошолордун бир катарына токтоло кетели.

**Койдун конституциясы.** Бийик тоолу жайытта жыл бою жана жарым-жартылай колдо багуу системасын колдонгон бул зонанын табигый катаал шарттарында өстүрүү жана продукция алуу үчүн дени сак, конституциясы чың гана койлор тандалып алынышы тийиш. Сөөгү ичке, жаргак көз, жүнү ичкерип, үзүлчөөк болуп кеткен мал көп продукция жана мыкты төл бере албайт. Мындай койлорду бракка чыгаруу зарыл.

**Тирүүлөй салмагы жана тез жетилиши.** Эт-жүн багытындагы тяньшань коюн өстүрүүдө анын тирүүлөй салмагынын жана тез жетилишинин мааниси чоң. Тирүүлөй салмак малдын чоңоюшунун жана өсүшүнүн негизги көрсөткүчтөрүнөн болуп саналат, ал жашоонун ар кандай мезгилинде организмдин өсүшүнө бул же тигил даражада ички-тышкы факторлордун таасирин билдирет. Илимий изилдөөлөрдүн негизинде койдун чоңдугу, анын тирүүлөй салмагы менен жүн кыркымынын ортосунда түз байланыш бар деп далилденет. Ошондуктан, тирүүлөй салмагы боюнча тандоо башка шарттар бирдей болгон учурда койдун жүн продуктуулугун жогорулатууга да оң таасирин тийгизет.

Койдун тирүүлөй салмагына андан алынуучу бой этинин салмагы көп байланышат. Тирүүлөй салмак боюнча тандоо малды таразага тартуу же анын чоңдугун жана эт формасын экспертизалык баа берүү жолу менен жүргүзүлөт.

Тез жетилүү деп өз төлүнүн эсебинен көбөйтүү, эт-сүт жана башка азык-түлүктөрдү алуу үчүн малды эрте пайдаланууну камсыз кылуучу организмдин жогорку даражада өсүп жетилүү жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Тез жетилүү малдын түрүнө жана тукумуна байланыштуу белги болуп саналат да, укум-тукумуна өтөт. Тяньшань тукумундагы койдун эң баалуу биологиялык касиеттеринин бири — тез жетилүүсү. Ошондуктан, бул койду тандоо — ылгоодо анын тез жетилүүсүн дагы жакшыртууга же башкача айт-

канда, өндүрүлгөн азык түлүктүн бирдигине, айрыкча кошумча салмагынын бирдигине тоютту аз сарптоого, козулардын интенсивдүү өсүп-өнүгүүсүн камсыз кылууга багыттоо керек.

**Экстерьери.** Койду бонитировкалаган кезде ал койдун дене түзүлүшүнө, эттүүлүк формасынын сакталышына же башкача айтканда, тулку боюнун формасы чарчысынан тегерегирээк келип, көзүнө чейин жана буттарынын муундарына чейин жүн каптап, көөдөнү кенен, өтө эле соорусу чыкпай, бели кайкы эмес, түз келген койлорду тандоо керек. Сөөгү ичке, денеси кынжыгый жана өтө эле узун буттуу койлор кайра өндүрүүгө жана мыкты төл алууга жараксыз болот.

**Жүндүн ичкелиги жана узундугу.** Бул чарбалык зарыл белгилер жүн кыркып алуунун бирдей шартында жүндү өнөр жайлык максатта пайдалануунун мүнөзүн аныктайт. Жүндөн ийрилген жиптин ичкелиги жана узундугу негизинен жүндүн ичкелигине жараша болот. Бул тукумдагы койлордон ичкелиги 46 сапаттан 58 сапатка чейинки жүн кыркылып алынат, же 25,1—37,0 микронго барабар келет. Кроссбред жүнү узундугу боюнча эки класска бөлүнөт. 11 см жана андан узуну биринчи класска, 9 см ден 11 см ге чейинкиси экинчи класска таандык болот. 9 см ден кыска жүн кроссбред тибиндеги жүн, ал эми 7 см жана андан кыскасы — кыска жүн деп аталат. Жүндүн ичкелиги менен узундугунун ортосунда коррелятивдик байланыш бар экендиги маалим. Жүн узун болсо, ал жоон болот, ал эми кыска болсо ичке болот. Мына ушуга байланыштуу асылдандыруу ишин жүргүзүүдө жүн буласынан тиешелүү ичкеликте жана узундукта болушу зарыл.

**Жүндүн коюулугу.** Бирдей эле шартта өтө коюу жүндүү койлор жүндү көп берет. Жүндүн коюулугу тукумдун өзгөчөлүгүнө байланыштуу белги болуп эсептелүү менен теридеги жүн тамырларынын санына жана алардын түйүлдүк абалында өсүп чыгышына жараша болот. Эгерде кой козу кезинде начар багылып, жакшы өспөй калган учурда



Кыргызстан мал чарбасы боюнча илимий-өндүрүштүк бирикмесинин селекция лабораториясынын башчысы, уяң жүндүү тяньшань тукумундагы койлорду түзүүнүн авторлорунун бири, айыл чарба илимдеринин кандидаты Е. С. Друженькова чабан Қ. Мусабаевдин короосундагы койлордун жүндүүлүгүн текшерүүдө.

анын жүнү суюк болуп калат. Жүндүн коюулугу койдун тукумуна, жынысына, жашына жана багуу шарттарына байланыштуу өзгөрмөлүү келет. Жүндүн коюулугу анын узундугу жана ичкелиги менен тыкыз байланыштуу. Коюу жүн ичке жана бир кыйла кыска жүндүү койго тиешелүү. Жүн буласынын узарышы менен анын ичкелиги жана коюулугу төмөндөп, тутамдашкан жүнүнүн түзүлүшү өзгөрөт. Тяньшань тукумундагы кой үчүн теринин бир чарчы сантиметринде 2200—2500 тал жүндүн болушу нормалдуу деп эсептелет. Жүндүн коюулугу мына ушундай болгондо топтошкон жүнүнүн учу самсаалап турат дагы жаан-чачында

жүнүнүн арасына суу сиңирбей бат сарыгып чыйрыгуудан сактайт.

**Жүндүн ичкелигининин бирдейлиги.** Койдун денесинин негизги бөлүктөрүндө (каптал, сан, жон ж. б.) топтошкон жүнүнүн ичкелги бирдей болушуна өнөр жайы жогорку талапты коёт. Тяньшань тукумундагы койду түзүүдө линкольн, пренос тукумдарынан тышкары бир кылка жүндүү эмес кыргыздын кылчык жүндүү койлору да катышкандыгы белгилүү. Алгачкы тунгуч аргындардын ичинде ичкелиги боюнча текши эмес жүндүү койлор көп кездешкен. Ал эми кан сиңирме аргындаштыруу аркылуу кроссбред жүндүү койлорго айландырууда да уяң жана жарым уяң жүндүү койлордун аргындарынын арасында мындай койлор кездешиши мүмкүн. Ошондуктан, селекциялык бул белгиге дайыма олуттуу көңүл бурулушу тийиш. Койлорду бонитировкалаган учурда бул белги көз баалоо менен аныкталат. Бул дайыма эле так боло бербейт, себеби бонитердун иш тажрыйбасына, көзүнүн кандимдигине жараша болот. Ошондуктан, өндүргүчтөрдүн жана элита классындагы соолуктардын жүндөрүн селекциялык жүн лабораторияларында дайыма изилденип турулушу зарыл. Жупташтырууда жүнүнүн ичкелиги текши болгон кочкорлорду тандоо жана пайдалануу керек.

**Койдун боорунун жүндүүлүгү.** Бийик тоолуу катаал шартта өстүрүлүүчү бул койлорду тандоодо анын боор жүнүнүн коюлугуна жана өскүлөңдүгүнө көңүл бурулушу керек, себеби айрыкча кыш мезгилинде койдун организмин суук тийүүдөн сактайт. Ошондуктан, селекционерлер койду тандап, ылгоодо боор жүнүнүн өскүлөң болушуна, коюлугуна жана сапатына да зор көңүл буруулары зарыл.

**Чыбаш.** Чыбаш жүндүн бири-бирине ыкташкан талдарынын өз ара биригишине жардам берип, анын тал жүндөрүн суунун, абанын, чаңдын жана башкалардын зыяндуу таасиринен сактайт. Чыбаштуулук койдун тукумуна жана эттүүлүгүнө жараша болот. Эгерде жүндүн үчтөн

бир бөлүгүнөн азыраагы чаң, топурак менен булганса, анда чыбаштуулугу нормалдуу деп эсептелет.

**Таза буланын чыгышы.** Кой чарбасындагы маанилүү көрсөткүчтөрдөн. Жүн жуулгандан кийин кайрадан таразага тартылып, таза буланын чыгышы аныкталат. Бул көрсөткүч койдун чыныгы жүн продуктуулугун көрсөтөт. Таза буланын салмагы боюнча селекционерлер койдун асылдуулугун баалашат, ал эми өнөр жай чарбалар менен өткөрүлгөн жүн үчүн эсептешүү жүргүзөт. Жарым уяң жүндүү койдо таза буланын чыгышы уяң жүндүү койго салыштырганда жогору. Тянь-Шань коюунун кир жүнүнөн 68—70% таза жүн чыгат.

Көп изилдөөлөр көрсөткөндөй кир жүн менен таза жүндүн кыркымынын ортосунда жогорку фенотикалык жана генетикалык корреляция бар экендиги далилденген. Жуулган жүндүн кыркымынын тукум куучулук коэффициенти 0,48 ди түзсө, жуулбаган жүндүкү — 0,40 түзөт. Демек тандоонун кандай гана вариантында болбосун, койлорду таза буланын кыркымы боюнча ылгоо натыйжалуу, себеби мында тукум куучулуктун коэффициентинин жана селекциянын дифференциалдык маанилери жогору. Ошондуктан айрыкча өндүргүчтөрдүн жүнүнүн таза чыгышы боюнча кыркым аныкталып, селекциялык иштерге тактоолор киргизилип турулушу керек.

**Койлордун тиби.** Койлордун бир типте болушу асыл тукум ишинин калыптануусунун деңгээлин жана койдун тигил же бул тукумунун өзгөчөлөнгөн жаңы сырткы сапатын мүнөздөйт. Асылдандыруу иштеринин процессинде чарбалык пайдалуу белгилерди сактоо жана өркүндөтүү менен негизги кочкорлорду, козу кочкорлорду жана соолуктардын короолору бир типте болушуна көңүл бурулат. Тигил же бул белгилери боюнча керектүү типтеги талапка жооп бере албаган койлор чарбалык пайдаланууга которулат.

**Койлордун төлчүлдүгү жана сүттүүлүгү.** Койлордун төлчүлдүгү чарбалык маанилүү сапат жана бул сапат боюнча тандоо эт-жүн багытындагы кой чарбасында этти

өндүрүүнү көбөйтүүнүн негизги жолдорунан. Койлордун төлчүлдүгү айлана-чөйрөнүн, койдун жашынын жана тукумдук өзгөчөлүгүнүн таасирлери астында өтө зор өзгөрмөлүү белги жана анын тукум куучулдугу төмөн. Мына ушундай факторлорго карабастан, айрым изилдөөлөр көрсөткөндөй, койлорду төлчүлдүгү боюнча тандоо оң натыйжаларды берүүдө. Мисалы, Жаңы Зеландияда койдун төлчүлдүгүн көбөйтүүгө зор көңүл бурулуп, ромин-марш тукумун өстүрүүдө негизги сапаттык белги катары көңүл бөлүнөт. Койлорду төлчүлдүгү боюнча тандоо көп эгиз төл берген кочкорлордун жана соолуктардын козуларын тандоо, токтулардын 14 айлыгындагы салмагы боюнча жана кызыркалды кезиндеги эгизчилдиги боюнча жүргүзүлөт.

Эт-жүн багытындагы койлордун чарбалык пайдалуу касиеттерин өркүндөтүүдө койлорду сүттүүлүгү боюнча ылгоону төлчүлдүгү боюнча ылгоо менен айкалыштырып жүргүзүү максатка ылайык. Эгизчил койлор сүттүү келет. Койлордун сүттүүлүгүн көтөрүү боюнча асылдандыруу иштери козулардын биринчи эки-үч жумадагы өсүшүнө 5 деген коэффициентти көбөйтүү жолу, койду контролдук саан жүргүзүү жолу менен тандоо жүргүзүлөт. Төлүнүн сапаты текшерилип жаткан кочкорлордун 15—20 ургаачы козусун бөлүп алып, аларды кызыркалды кезинде контролдук саан аркылуу, ар бир кочкорго баа берүү жолу менен тандоонун дагы практикалык мааниси бар.

Асылдандыруу иштеринин жыйынтыгы көпчүлүк учурда селекциянын дифференциалы деген көрсөткүч менен аныкталат. Селекциянын дифференциалы деп малдын тандалып алынган бөлүгү менен жалпы малдын продуктуулугунун айырмасын аташат. Тандоонун негизги ыкмасы болуп чарбалык пайдалуу сапаттык белгилердин комплекси боюнча малды экспертизалык баа берүүнүн негизинде жүргүзүлүүчү массалык тандоо эсептелет. Башкача айтканда, койду бонитировкалап, жакшыларын биринчи класска, ал эми өтө мыктыларын элита классына бөлүшөт. Тан-

доонун мындай ыкмасы селекциянын дифференциалынын жогорку көрсөткүчтөрүн камсыз кылат.

Тандоо жүргүзгөндө кайсы сапаттык белгилер боюнча тандаш керек же белгилердин комплекси аркылуу жүргүзүү малдын продуктуулугун көтөрүүдө оң натыйжаларды береби деген суроолор туулат. Көпчүлүк асылдандыруу иштеринин практикасы айгинелегендей, койду чарбалык пайдалуу тигил же бул белги боюнча ылгоо белгилердин комплекси боюнча тандаганга караганда натыйжалуу. Бирок, бир эле белгинин максималдуу көрсөткүчү боюнча тандоо жүргүзүүгө болбойт, себеби мындай болгондо ошол белги боюнча жогорку көрсөткүчтү көрсөтүп, тандалган койлордун арасына каалаган типке ылайык келбеген белгилери бар мал кирип кетиши ыктымал. Мисалы, койду тирүүлөй салмагы боюнча тандап, жогорку салмактууларын гана I класска бөлгөндө, бул койлордун арасына жүнү суйдаң же жүнүнүн узундугу жана ичкелиги боюнча текши эмес жана башка кемчиликтери бар койлор кирип кетиши мүмкүн. Ошондуктан, эт-жүн багытындагы тяньшань кою менен асылдандыруу иштерин жүргүзгөндө тигил же бул белгинин максималдуу көрсөткүчү боюнча тандоону белгилердин комплекси боюнча эксперттик баа берүү менен айкалыштырууга жетишип, тандалган топко кемчиликтери бар койлордун кошулуп кетишине жол бербөө керек. Демек, селекциялык иштин практикасында койду бонитировкалоонун убагында ар бир койго эксперттик баа берүүнүн негизинде чарбалык пайдалуу белгилердин комплекси боюнча тандоого жетишүү зарыл.

**Тяньшань тукумундагы койлорду бонитировкалоо.** Азыктуулук, асыл тукумдук жана чарбалык пайдалуу сапаттарына ылайык бонитировкалоонун негизинде койлор класстарга бөлүнөт.

Койду бонитировкалоо жекече жана класстык болуп эки түрдө жүргүзүлөт. Жекече бонитировкалоодо зоотехник-бонитер ар бир койго эксперттик баа берүү менен атайын журналга жазып класстарга бөлөт. Мындай бонити-

ровка негизинен асыл тукум чарбаларда жүргүзүлүп, өндүргүч кочкорлор, элита классындагы соолуктар жана алардын козулары, толуктоочу жана асыл тукум мал катары сатылуучу козу кочкорлор, төлүнүн сапаты боюнча текшерилүүчү өндүргүчтөрдүн козулары жекече бонитировкаланат. Класстык бонитировкалоодо ар бир кой өзүнчө бааланып, бонитировканын маалыматтары журналга түшүрүлбөстөн эле тиешелүү класска бөлүнөт.

Койду мындан ары карай кандай багытта пайдаланууу максатында анын негизги азык түлүктүүлүгүн, конституциялык жана экстерьердик сапатын туура аныктай турган жашында гана бир жолу негизги бонитировка жүргүзүлөт. Толуктоочу жана сатылуучу козу кочкорлор, токтулар бир жашында, ал эми элита классындагы соолуктар, өндүргүч жана тапкыч кочкорлор жыл сайын бонитировкаланат.

Малдын продуктуулук сапаттарын, дене түзүлүшүн, конституциясын, асыл тукумдук багытын баалоо аркылуу бонитировкалаганда кроссбред жүндүү тяньшань кою өз ичинен кочкор салып, таза тукумда өстүргөн чарбаларда үч класска, аргын койлор — беш класска бөлүнөт.

Элита классына каалаган типке ылайык келген конституциясы бекем, жакшы жетилген, бирок сөөк-саагы оркогой эмес, эттик формасы жакшы билинген кой кирет. Алар көөдөндүү, кабыргасы жумуру, тулку бою узун келип, буттары түз болууга тийиш. Бул класска тандалган койлор бели жоон, далысы кең, мойну кыска жана жоон, саны эттүү жана толук, арткы тарабы тууралжын келет. Бир жаштагы козу-кочкорлордун салмагы 52, токтулардыкы — 44, өндүргүч кочкорлор — 100, соолуктар — 60 кг дан кем эмес болушу тийиш. Бул койдун жүнү топтошуп же топтошкон жүнүнүн учу самсаалап турат, коюлугу жетишерлик же орточо келип, жүнүнүн ичкелиги жана жүн буласы дененин бардык негизги бөлүктөрүндө бирдей текши болуп, 58, 56, 50, 48 сапаттагы жүндөн турат. Жүнүнүн кыркымы (таза булада) козу-кочкорлордуку — 4,4 соолуктардыкы — 2,5 кг болуп, буланын узундугу тиешелүү түрдө 14, 12,14

жана 12,5 см ден кем эмес болуусу тийиш. Чыбашы ак же саргыл түстө. Боор жүнү өскүлөң же канаттандырарлык Элита классына ошондой эле керектүү типтик талаптарына толук жооп бере алган, бирок атайын тандоо үчүн айрым көрүнүктүү касиеттери бар (жогорку салмактуу, жүнүнүн узундугу жакшы ж. б.) койлор кире алат.

Биринчи класска тяньшань тукумундагы койлор үчүн мүнөздүү болгон баалуу касиеттерге ээ болуп, конституциясы бекем, сөөгү жакшы өсүп, дене түзүлүшүнүн формасы даана билинген койлор кирет. Козу кочкорлордун тирүүлөй салмагы 47, токтулардыкы — 40, өндүргүч кочкорлордуку — 90, соолуктардыкы — 55 кг дан кем эмес болуш керек. Тулку боюнун негизги бөлүктөрүндөгү жүнү узундугу жана ичкелиги боюнча бирдей, коюу же орточо коюлуктагы жүндүү койлордун боорундагы жүнү өскүлөң болуш керек. Жүн кыркымы (таза була боюнча) козу-кочкорлордуку — 2,4, токтулар — 1,8, өндүргүч кочкорлор — 4,0, соолуктар — 2,3 кг келип, узундугу тиешелүү түрдө — 13, 12, 13 жана 11,5 см болуусу тийиш.

Экинчи класска тирүүлөй салмагы, жүнүнүн узундугу боюнча I класстагы койдун минималдуу талабына жооп бере албаган бир түрдүү жарым уяң жүндүү койлор таандык. Ошондой эле бул класска узун жүндүү, бирок суюк жана ичкелиги боюнча бир кылка эмес жүндүү койлор да кирет.

Тяньшань тукумундагы кочкорлорду пайдалануунун натыйжасында түзүлгөн аргын койлорду бонитировкалаганда беш класска бөлүшөт. Элита, биринчи жана экинчи класстагы койлордун минималдуу көрсөткүчү, мүнөздүү белгилери таза тукумдагы койлордукундай эле талап кылынат. Ал эми үчүнчү класска уяң жүндүү, төртүнчү класска ар түрдүү кылчык жүндүү койлор кирет.

Конституциясы начар, сөөгү жука, көзү жыртык жана кулагы жаргак, жүнүнүн негизги бөлүгү өтө тармалданып кеткен, экстерьеринде тубаса кемчилиги бар койлордун бардыгы бракка чыгарылат.

Мындан тышкары асыл тукум мал өстүргөн чарбаларда элита классындагы соолуктардын, төлүнүн сапаты боюнча текшерилүүчү кочкорлордун козулары күзүндө беш айлык жашында таразага тартылып, кыскача бонитировкаланат. Анда боюнун өсүшүнө, эт формасынын өнүгүшүнө, жүнүнүн ичкелигине, узундугуна жана бирдейлигине мүнөздөмө берилип, жалпы баа коюлат.

Жекече бонитировкаланган ар бир койго атайын карточка толтурулат жана ага койдун тукуму, туулгандыгы, ата-теги, продуктуулугу, кууту, тууту жөнүндөгү жана алардын төлүнүн сапаты жөнүндөгү маалыматтар жазылат. Класстык короодогу койлордун продуктуулугунун эсеби короосу боюнча, ал эми элита классындагы өндүргүч, тапкыч, толуктоочу жана сатылуучу козу кочкорлордун, соолуктардын, токтулардын продуктуулугунун эсеби жекече жүргүзүлөт.

Бонитировканын негизинде койлорго класстык белги салынат. Класстык белги таза тукумдагы койлордун оң кулагына, ал эми аргын койлордун сол кулагына салынат.

## Кочкорлорду тандоо, багуу жана төлүнүн сапаты боюнча баалоо

Тяньшань тукумундагы койдун асыл тукумдук жана азыктуулук касиеттерин калыптандыруу жана өркүндөтүүдө төлүнүн сапаты боюнча текшерилип, азыктуулугу жогору болгон өндүргүч кочкорлорду пайдалануу зор мааниге ээ.

Кочкорлорду тандоо-ылгоодо алардын ата-теги, конституциялык — экстерьердик өзгөчөлүктөрү жана продуктуулугу эсепке алынат. Мындан тышкары алардын эт продуктуулугун аныктай турган белгилерге, алып айтсак, белинин жоондугу, кабыргалардын тегерек формада болушу санынын эттүүлүгү жана башкаларга өтө көңүл буруу зарыл.

Биринчи жолу козу кочкорлорду тандоо 2—3 жумалык

жашында жүргүзүлөт. Мында козунун тирүүлөй салмагы жана организминин жалпы өсүшү, ирдүүлүгү менен катар, тиби жана ата-теги боюнча тандалат. Биринчи кезекте ата-эне элита классындагы, андан кийин атасы элита, энеси — I класс койлордон алынган козулар белгиленет. Экинчи кезекте тандалган козу кочкорлордун атасынын теги жана продуктуулугу даана болуш керек жана бул козулар башка чарбаларга асыл тукум мал катары сатуу үчүн өстүрүлөт.

Экинчи жолу козу кочкорлорду энесинен бөлгөндөн кийин беш айлык жашында таразага тартып, кыскача бонитировкалоо жолу менен тандашат. Бул жолу тиби, организмдин жалпы өнүгүүсү, конституциясынын чыңдыгы, эттүүлүгү, жүнүнүн узундугу жана ичкелиги боюнча текшилиги бааланат. Экстерьеринде кемчилиги бар, оорулуу жана өсүшү начар козу-кочкорлор бракталат. Бул козу-кочкорлордун ичинен эң мыктылары өндүргүч кочкорлорду толуктоочу топко тандалат, ал эми калгандары асыл тукум мал катары башка чарбаларга сатуу үчүн өстүрүлөт.

Толуктоочу козу кочкорлордун саны негизги өндүргүчтөрдүн 20—25% тин толуктоо үчүн жетиштүү болгондой болуш керек, ал эми беш айлыгында тандаганда керектөөдөн 3—4 эсеге көп санда болот. Асыл тукум мал заводу болуп эсептелген Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында негизги өндүргүчтөрдү толуктоо үчүн 25—27 кочкор керектелет, ал эми күзүндө тандаганда толуктоочу козу кочкорлордун саны 100—110 жеткирүү керек.

Беш айлык жашында толуктоочу козу-кочкорлорду тандоодо мындайча талап коюлат. Тирүүлөй салмагы 47 кг дан кем эмес, жүнүнүн ичкелиги 56 жана 50-сапаттарда болуп, ичкелиги боюнча текши, тармалы жакшы билинип, топтошуп жана уч жагы самсаалап түшүп турган узундугу 11 см жана андан да узун жүндүү келип, эт формасы даана болушу керек.

Өзүнчө бөлгөн күндөн баштап, толуктоочу козу кочкорлорду толук баалуу тоюттар менен тоюттандырып, жакшы

багуу үчүн шарт түзүү зарыл, себеби мыкты багуу алардын өсүп-өнүгүшүнө жана жүн продуктуулугуна зор таасирин тийгизет. Себеби күзгө тарта тоолу шартта жайыттардын чөбү катып, козуларды жайыт эсебинен гана бакканда гана биологиялык талабын канаттандырбай, этинен тез түшүрүп арыктатып жиберет. Козу-кочкорлорду начар тоюттандыруунун таасиринен улам токтуларга караганда тез арыктайт.

Кочкорлорду тандоо үчүнчү жолу бир жылдык жашында бонитировкалаганда жүргүзүлөт. Мында бардык чарбалык-пайдалуу белгилеринин, башкача айтканда, ата-теги, жекече бонитировка, эт жана жүн продуктуулугу, тирүүлөй салмагы, өсүп-өнүгүүсү боюнча баа берилип, мыктылары негизги кочкорлорду толуктоого бөлүнөт. Буларды жүнүнүн кыркымы боюнча да кыркындын убагында ылгашат. Тандалып алынган кочкорлордун салмагы 65 кг дан, жүн кыркымы 7 кг дан кем болбошу тийиш.

Төртүнчү жолу күзүндө уруктандыруунун алдында да каралып чыгып, мыктылары төлүнүн сапаты боюнча текшерүүгө коюлат.

Кочкорлорду тандоонун акыркы этабы болуп аларды төлүнүн сапаты боюнча текшерүү эсептелет. Өндүргүчтөрдү бул максатта баалоо асылдандыруу иштеринин процессин тездетүү менен анын натыйжалуулугун арттырат. Кроссбред жүндүү кой чарбасын өстүргөн Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында өндүргүчтөрдү тукумунун сапаты боюнча баалоо 1961-жылдан тукум болуп апробацияланганда баштап жүргүзүлүп, асылдандыруу иштеринин системасына киргизилген жана төмөндөгүдөй элементтерден турат. Текшерүүгө коюу үчүн толуктоочу кочкорлорду тандоо жана соолук оторлорду түзүп, жасалма жол менен уруктандырууну жүргүзүү күз айларында өткөрүлөт. Уруктандырууда жана төл убагында козуларды эсепке алуу, таразага тартуу жүргүзүлөт, баа берилет. Козуларды энесинен ажыраткандан кийин беш айлыгында кыскача бонитировкаланат. Толук бир жашында бонитировкалап, жүн

кыркымынын эсеби ар бир козу боюнча жекече алынат.

Төлүнүн сапаты боюнча текшерүүгө өндүргүчтөр бир жарым жашында коюлат. Бул үчүн соолуктар жашы толук же үчүнчү тууттан жогору болушу зарыл. Мисалы, станцияда ар жыл сайын бул ишти уюштуруу үчүн жашы толук соолуктар бөлүнүп, көп жылдык тажрыйбасы бар чабандык бригадалар дайындалат. Ошондой эле соолуктардын жүн кыркымы жекече эсепке алынып, күзүндө таразага тартылып, зоотехникалык кароодон өтөт. Оорулуулары жана жараксыздары бөлүнөт.

Жупташтыруу планын түзгөндө ар биринен 60—70 баш төл алынгандай эсеп менен бир оторго (550 баш) 8 кочкордон дайындалат. Кочкорлордун козулары биринчи кыркымга чейин жынысы боюнча бир оторго топтолуп, бирдей шартта багылат.

Өндүргүчтөрдү баалоодо төмөндөгү көрсөткүчтөр боюнча бир кочкордун калган кочкорлордун төлүнө жана жалпы төлдүн орточо көрсөткүчтөрү менен салыштыруу ыкмасы колдонулат.

1) элита жана биринчи класска татыктуу болгон токтулардын үлүшү;
2) токтулардын тирүүлөй салмагы;
3) жүн кыркымы, узундугу жана ичкелиги;
4) эт сапатынын өнүгүүсү;
5) тоютту актоо жөндөмдүүлүгү.

Кочкорлорду баалоо эки баскычта жүргүзүлөт. Алгачкы этабы — алынган төлүн беш айлыгында таразага тартып, кыскача бонитировкадан өткөрүү менен этинин сапаттык белгилерин текшеришет, кийинки этап — төлүн бир жашында бонитировкалап, жүн кыркымын эсепке алуу менен жүргүзүлөт.

Жогоруда белгиленген көрсөткүчтөрдөн тышкары туулганда жана козу бөлүктө тяньшань тукумунун талабына ылайык келбеген белгилерди: мүйүздүү, сарала жүндүү жана ар кандай темгилдүү козулар ар бир кочкор боюнча өзүнчө эсептелет.

Жогоруда баяндалгандай ыкма менен Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында жыл сайын отузга жакын өндүргүч кочкорлор төлүнүн сапаты боюнча сыналат. Станциядагы бардык өндүргүчтөр төлүнүн сапаты боюнча текшерилип, жакшыртуучу деп табылган. 1976—1980-жылдардын ичинде бул асыл тукум мал заводунда 102 өндүргүч текшерилип, 63ү жакшыртуучу деп белгиленген.

Кочкорлордун төлүнүн 80,5—85,7% ти элита жана I класста болуп, текшерилген 80 баштын ичинен 48и же 60% жакшыртуучу деп табылган.

Эгерде текшерилген кочкорлордон алынган төлдүн 70% ти элита жана биринчи класста болсо же кочкорлордо орточо деп бааланса, аларды асыл тукум мал өстүрүүчү заводдордо пайдаланууга болбойт. Мындай өндүргүчтөр асылдандыруу жана малды жасалма жол менен уруктандыруу боюнча мамлекеттик станцияларда, асыл тукум жана товардык фермаларда пайдаланууга мүмкүн.

Бирок тилекке каршы мамлекеттик асылдандыруу станцияларынын шартында кочкорлорду тукумунун сапатын баалоонун методикасын ишке ашыруу татаал болгондуктан, жакшыртуучу өндүргүчтөр көпчүлүк учурда табылбай калат. Мына ушул максатта авторлор Е. С. Друженькова жана Д. В. Чебодаев мамлекеттик асылдандыруу станциясынын шартында кочкорлорду тукумунун сапаты боюнча баалоонун «жөнөкөйлөштүрүлгөн» ыкмасын иштеп чыгып, өндүрүшкө сунуш кылды.

Бул ыкманын өзгөчөлүгү «бир отордогу соолук койго бир кочкор» бекитүү принцибин пайдаланууда турат. Козуларды энесинен ажыратуу мезгилинде ар бир кочкордун 50—60 козусун биркалашып, текшерилип жаткан кочкорлордун козуларын бир же эки оторго топтошот. Төлдү туулганда, беш айлыгында жана бир жашында баа берүү асыл тукум мал өстүрүүчү заводдогудай эле жүргүзүлөт. Ар бир кочкордун төлүн беш айлыгында жана бир жашындагы баалоонун жыйынтыктарынын төп келиши 71 процентти түзөт, корреляциялык байланышы да жогору —

0,57 ге барабар. Демек, сунуш кылынган бул ыкма мамлекеттик асылдандыруу станцияларынын шартында кочкорлорду тукумунун сапаты боюнча баалоону төлүнүн беш айлыгындагы көрсөткүчтөрү боюнча жыйынтыктоого мүмкүн экендигин айгинелейт.

Жогоруда ыкма боюнча кочкорлорду тукумунун сапаты боюнча баалоо, аларды кандай максатка пайдаланууну жыйынтыктоо өндүргүчтөрдүн 3,5 жашына чейин созулат. Натыйжада өзүнүн сапаттарын төлүнө берүүнүн жогорку жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон өндүргүч кочкорлорду пайдалануу мөөнөтү жыйынтык чыккандан кийин үч-төрт жылга гана созулат.

Көпчүлүк илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, ар кандай тукумдагы кочкорлордун жетилүүсү анын тукумдук өзгөчөлүгүнө же башкача айтканда, тез өсүп-өнүгүү касиетине байланыштуу. Тяньшань тукумундагы койдун эң баалуу биологиялык касиеттеринин бири — тез жетилүүсү. Эгерде 1,5 жаштагы кочкорлордун салмагын 100% деп алсак, жети-сегиз айлык козу кочкорлордуку анын 83% тин түзөт. Ошондой эле, бул тукумдагы козу кочкорлордун мыктылары беш айлыгында физиологиялык жактан толугу менен жетилип, 7—8 айлыгында уруктандырууга коё берүүгө мүмкүн экендигин Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын башкы зоотехниги Т. Күйкеевдин тажрыйбаларында толугу менен далилденди.

7 айлык козу-кочкорлорду уруктандырууга пайдаланганда биринчи куутта уруктануу деңгээли 86,2% ти, жашы толук кочкорлордуку — 89,6% ти түзгөн, ал эми жүз тубарга алынган төл тиешелүү түрдө 112 жана 108 тен айланган. Ар кандай жаштагы кочкорлордон алынган төл тукумдук тибинен айырмаланган эмес.

Өндүргүчтөрдү уруктандырууга 7 айлыгында пайдалануу алардын кийинки продуктуулугуна терс таасирин тийгизген жок. Кочкорлордун тирүүлөй салмагы төрт жашына чейин жогорулап эки жашында максималдуу көрсөткүчүнүн 91% тин түзгөн. Ал эми жүн кыркымы үч жашына

чейин жогорулаган жана бир жашындагы көрсөткүчүнө салыштырганда 37,2% ке өскөн. Бул асыл тукум заводдо өндүргүчтөрдү орточо алты жыл пайдаланышса, уруктандырууга эрте киргизилген кочкорлордун айрым мыктылары сегиз жыл пайдаланылган.

Демек, тяньшань тукумундагы кочкорлорду 7—8 айлык жашында пайдалануучу жакшыртуучу өндүргүчтөрдү 3,5 жашында эмес 1,5 жашында табууга мүмкүндүк берүү менен баалуу жогорку продуктуулу өндүргүчтөрдү интенсивдүү пайдалануу менен колдонуу мөөнөтүн узартат жана асылдандыруунун натыйжасын жогорулатат.

**Жупташтыруунун принциптери.** Жупташтыруунун негизги максаты кийинки муунда жогорку продуктуулу жана кунардуу төл алуу, ата-энесинин мыкты сапаттарын төлүндө бекемдеп калуу, ошондой эле алынган төлдүн бышыктыгын жогорулатуу менен анын тукумдук негизин байытуу болуп эсептелет.

Асыл тукум мал өстүрүүчү заводдордо, асыл тукум чарбаларда жана асыл тукум фермалардын соолуктарынын элиталык бөлүгүндө жупташтыруу жекече, ал эми калган бөлүгүндө жана товардык чарбаларда тобу боюнча жуптоо колдонулат.

Жекече жупташтырууда ар бир соолукка аны менен ата-теги жана продуктуулук сапаттары ылайык келе тургандай өндүргүчтү тандашат. Мындай болгондо керектүү сапаттагы төл алуу күтүлөт. Жогорку эт-жүн азыктуу, каалаган типтин талабына жооп бере турган элита классындагы койлорго алардын өзүнө түспөлдөш жогорку азыктуу кочкорлорду жупташат. Натыйжада өзүнүн касиеттерин тукумуна толук бере турган төл алууга болот же мындай жупташтырууну бир өңчөй жупташтыруу деп аташат. Ал эми каалаган багыттын талабына ылайык келбесе да айрым оор салмагы же жүн кыркымы, узун жүндүүлүгү же тоютту актоо өңдүү мыкты сапаттары менен айырмаланган койлорго эки типтеги кочкорлор пайдаланылат.

Жупташтырууда койдун жашы сөзсүз эсепке алынат.

Жаш койлорго жашы толук өндүргүчтөрдү, ал эми төрт жаштан өткөн соолукка жаш кочкорлорду пайдалануу оң натыйжа берет. Мындай жуптоодон жакшы төл алынса, кийинки жылы өзгөртпөө керек.

Жекече жуптоо колдонулганда бир кочкордун тукумунан койлорду линиялык жол менен өстүрүүгө өтүү, линиялардын адистештирилген бөтөнчө белгилерин тукумунда сактоо максатын көздөйт.

Класстык (тобу боюнча) жупташтыруу тигил же бул класстагы койлордун негизги азыктуулук жана конституциялык өзгөчөлүктөрүн, алардын жашын жана ата-тегин эсепке алуу менен жүргүзүлөт. Мындай жупташтыруу бир өңчөй жакшыртуучу жуптоо деп аталат. Мунун негизги максаты — энесине караганда азыктуулугу жогору болгон түзүк төл алуу. Ошондуктан, уруктандыруу үчүн бир отор соолукка бир өндүргүч дайындалат.

Мисалы, биринчи класстагы койлорго оор салмактуу, текши жүндүү, көп жүн берүүчү кочкорлорду жупташтыруу керек. Экинчи класстагы соолуктарга жүнүнүн узундугу жана сапаты текши келген элита классындагы кочкорлор пайдаланылат.

Тяньшань тукумундагы койлордун продуктуулук касиеттерин өркүндөтүүдө ар кандай типтеги жупташтыруунун натыйжаларын билүүгө да көңүл бурулган. Бул максатта жупташтыруунун линия боюнча бир өңчөй жана бир өңчөй эмес жакшыртуучу типтери колдонулган, алардан алынган токтуларды бир жашында жекече талдоо жүргүзүлгөн.

Бир өңчөй жупташтыруу койду линия боюнча өстүргөндө даана пайдаланылат, себеби продуктуулугу линияга мүнөздүү болгон түпкү теги бир койлорду жупташтырышат. Натыйжада төлүндө каалаган сапаттар жаралып, линиянын башчысы менен алынган төлдүн тукумдук бирдей мүнөздүүлүгү сакталат. Койлорду линия боюнча өстүрүү теги бирге малды бир-бири менен жалгаштыруу менен тыкыз байланышта болот. Айрым учурларда теги өтө эле

*3-таблица*

**Жупташтыруунун ар кандай типтерин колдонуунун натыйжасы**

| Жупташтыруунун тиби | Алынган төл (токтулар) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бардык саны | анын ичинен | | | |
| | | элита жана I класс | | Төмөнкү класстар | |
| | | саны | процент | саны | процент |
| Линия боюнча | 618 | 520 | 84,1 | 98 | 15,9 |
| Бир өңчөй жакшыртуучу | 3612 | 2878 | 79,6 | 737 | 20,4 |
| Бир өңчөй эмес жакшыртуучу | 606 | 440 | 72,6 | 166 | 127,4 |

жакын малды жалгаштыруунун натыйжасында койлордун өз төлүнүн эсебинен көбөйүүсү жашоого жөндөмдүүлүгүнө жана продуктуулугуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Мындай терс таасирди болтурбоо максатында асыл тукум мал заводунда теги бирге койлорду жупташтыруу III—IIIжана III—IV схемасы боюнча жүргүзүлөт. Натыйжада Тяньшань тукумундагы койлорду өстүргөн Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында линия боюнча жалгаштырууда белгиленген схемасы колдонулуп, төлүндө жогоруда белгиленген терс таасирлер байкалбайт.

Тяньшань тукумун өстүрүүчү зонада уяң жүндүү жана кылчык жүндүү койлордон алынган аргындарды жана уяң жүндүү койлорду райондоштурулган тукумдагы кочкорлор менен кан сиңирме ыкмасын колдонуу менен аргындаштырылат. Азыркы учурда зонада мындай аргындаштыруудан алынган аргын койлордун үлүшү жогору.

## Койду линия боюнча өстүрүү

Түпкү теги бир жана продуктуулугу боюнча окшош койлордун өзүнчө тобун линия деп аташат. Тукумдун ичин-

де ушундай бир нече ар түрдүү сапаттагы генетикалык топторду — линияларды түзүү койдун продуктуулук жана кунардуулук сапаттарын системалуу түрдө жогорулатууга өбөлгө түзөт. Себеби узак убакыт бою тиби жана продуктуулугу бири-бирине окшош койлорду жалгаштыруу конституциясынын начарлашына, продуктуулуктун азайышына жана кысыр калууга алып келиши мүмкүн. Мына ушундай терс көрүнүштөрдү болтурбоо үчүн бир өңчөй эмес жупташтырууну пайдалануу керек. Линияларды түзүү жана аларды өркүндөтүү бир өңчөй эмес жалгаштыруу үчүн кызмат кылат.

Тяньшань тукумундагы койлор өз структурасында төрт заводдук линиядан турат. Бул линиялар чарбалык пайдалуу касиеттердин айрымдарында адистешкен.

## Оторлорду түзүү

Чарбалардын бардык категорияларында жүргүзүлүүчү зоотехникалык иштердин маанилүүлөрүнүн бири — оторлорду түзүү.

Оторлорду түзүү — субай оторлорду кыркындан кийин, соолуктарды козу бөлүктөн кийин жашы, классы жана жынысы боюнча түзүү керек. Кроссбред жүндүү кой чарбасында соолук оторлор 550—570, ириктер — 800—850, токтулар — 580—600, козу кочкорлор — 450—500 баш болуусу тийиш.

Асыл тукум мал өстүргөн заводдордо жана чарбалардагы линиядагы соолуктарда алардын саны жетиштүү болсо, ар бир линия боюнча өзүнчө отор түзүү максатка ылайыктуу.

## Жаңы технология — жалпыга

Мал чарба азык-түлүктөрүн өндүрүү процессинде мал чарба кызматкерлери малды өндүрүш каражаты катары пайдаланып, анын биологиялык мүмкүнчүлүктөрүн өзгөр-

төт жана байытат же өз учурунан кечиктирбей көп сандагы жогорку сапаттагы продукцияларды чыгымдарды аз сарптап өндүрүү үчүн тиешелүү техникалык жана уюштуруучулук шарттарды камсыз кылуучу ыкмалардын жана иш чаралардын системасын ишке ашырат. Тактап айтканда, этти, сүттү, жүндү жана башка азык-түлүктөрдү өндүрүүнүн жана малды өз төлүнүн эсебинен көбөйтүү процессинин технологиясына илимдин жана алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин киргизүү менен аны өркүндөтүү талап кылынат.

Республикада кой чарба азык-түлүктөрүн өндүрүүнү өнөр жайлык негизге өткөрүүнүн алгачкы кадамы болуп 2600, 3000, 3600, 5000 баш соолук сыя турган комплекстерди, колхоздук, совхоздук жана чарбалар аралык койду бордоп семиртүүчү аянтчаларга ишке киргизүү эсептелет. Мындай комплексте продукцияны өнөр жайлык негизде өндүрүүнүн технологиясы төмөндөгүдөй.

Койлорду жасалма жол менен уруктандыруу циклдик метод менен жүргүзүлдү. Күүгө келген соолуктар уруктандыруудан кийин бир оторго топтолот. Биринчи отордун саны 564—622 башка жеткирилип, 7—8 күндүн, экинчи отор 8, үчүнчү отор 13—14 күндүн ичинде топтолду. Биринчи жана экинчи оторлордогу койдун саны үчүнчүгө караганда 12—15 процентке көп болду, себеби аларды 12—13 күндөн кийин кайра күүлөткөндө жаңырып күүгө келүүсү мүмкүн. Койлорду уруктандырууну мындайча уюштуруу куутту кыска мөөнөттө жана сапаттуу аяктоого шарт түзөт.

Койлорду төлдөтүү топтук ыкма менен жүргүзүлөт. Бул үчүн төлдөтүү убагына 5—6 күн калганда кашардын ичи ар бирине 13—15 баштан козулуу кой бата тургандай эсеп менен 40—45 бөлүкчөлөргө бөлүнөт. Ага кык жана саман төшөлүп, көрсөтүлгөн сандагы боог койлор киргизилет. Чарбадагы эмгекти уюштуруу талабына ылайык ар бир сакмалчыга 4—5 бөлүкчө бекитилип берилет. Мында туут бөлмөсү болбойт, койду төлдөтүү ар бир бөлүмдүн өзүндө өтөт. Жаңы туулган козулардын бат кургап, телчигип жана

бөлмөдө жылуулукту пайда кылуу үчүн кашардын тамынан 70 см бийиктикте ИКЗ-220 же 500 ваттык ОРП-1 маркасындагы инфракызыл түстөгү шоола чачуучу лампалар колдонулат.

Койлорду тоюттандыруу темир-бетондон жасалган аштоолор коюлган тоюттандыруу аянтчасында жүргүзүлөт. Ал эми төл убагында бөлүкчөлөрдүн ичине аштоолор коюлат. Анда ГАО-4 маркасындагы автоматтык сугаргыч орнотулат.Козулар чоңойгон сайын ирилештирилип, козулуу кой турган кашарга өткөрүлөт. Аларды багууну кашарда—базда асыроо ыкмасы менен ишке ашыруу үчүн атайын «ашканаларды» уюштурушуп, ага бункердик типтеги аштоолорду коюшуп, чөп уну, концентраттык жана минералдык тоюттарды үзгүлтүксүз салып коюшат.

Койлорду циклдык ыкма менен уруктандырып, топтук ыкма менен төлдөткөндө ал кыска мөөнөттө аякталат. Алып айтсак, биринчи жана экинчи оторлордогу койдун 80—83 проценти 11—13 күндө төлдөп бүтөт.

Кашардын ичиндеги койлорго тоют таркатуу тракторго чиркелген тоют тараткычы менен жүргүзүлөт. Койду кыркуу жана алдын-ала чөмүлтүү жалпы чарбанын кыркын пунктунда жана ваннада жүргүзүлөт.

Жаңы технологияны өндүрүшкө киргизүүнүн жана эмгекти уюштуруунун жаңы формасына өтүүнүн дагы бир жолу — ирилештирилген чабандык бригадаларды түзүү. Бийик тоолу райондордун шартында 2400 соолуктук, 2800—3000 токтунун же боруктун ирилештирилген оторлорун түзүү максатка ылайыктуу.

Ирилештирилген оторлордун бригадаларын түзүү республикада насаатчылыкты кеңири жайылтып, орто мектептин бүтүрүүчүлөрүнөн жана айылдык жаштардан турган комсомолдук-жаштар бригадаларын түзүү жолу менен ишке ашууда. Буларга Тянь-Шань районундагы Карл Маркс атындагы колхоздун «Эдельвейс», Тоң районундагы «Улахол» асыл тукум кой өстүрүүчү совхоздун «Алтын Булак» бригадалары жана башкалар мисал боло алышат.

Биз төмөндө «Алтын-Булак» комсомолдук-жаштар бригадасынын иш тажрыйбасына токтолмокчубуз.

1976-жылы сентябрь айында Тоң районундагы «Улахол» совхозунда орто мектептин бүтүрүүчүлөрү өз каалоолору менен кой чарбасында калып иштөөгө бел байлашып, «Алтын-Булак» комсомолдук жаштар бригадасы түзүлгөн. Жаштардын мындай саамалыгы чарбанын дирекциясы, партиялык, комсомолдук уюмдары тарабынан зор колдоого алынып, аларга чоң камкордук көрүлүп, бригаданы дагы чыңдоого багыт алынган.

Бригаданын ичинен өндүрүштүк тажырыйбасы бар, кой чарбасын жакшы өздөштүргөн Молдобаев Жекшебай бригадир-насаатчы болуп дайындалды. Негизги өндүрүштүк процессти уюштуруу бүт бригаданын мүчөлөрү коллективдүү жоопкерчиликтүү сезүү принцибинин негизинде жүзөгө ашырылды. Бригадир-насаатчы бригаданын бардык жумуштарын уюштуруп малдын эсеп-кысабына, алынган азык-түлүктүн, тоюттун чыгым болушуна жана курулуш жайларынын ремонтуна жооп берет.

Составы 10 кишиден турган бригадага 2800 баш токту өткөрүлүп берилип, жайыт участогу, кашарлар, техника жана ар кандай шаймандар бекитилди. Иш сменалык система боюнча уюштурулду.

Бригада өз алдынча чарбалык эсептеги өндүрүштүк бирдик болуп план-тапшырмалары жана эмгек акы фондусу белгиленди.

Жаштарга жана бригадир-насаатчыга жатакана уюштурулуп, ысык тамак, маданияттуу эс алууга шарт түзүлгөн. Жатаканада совхоздун борбору менен байланыш түйүнү орнотулуп, телевизор, радио, мебель коюлуп, маданий бурч уюштурулган. Мончо, газ жана электр энергиясы менен камсыз болушту. Мындан тышкары, жаштарды соода, медицина жана турмуш-тиричилик жактан тейлөө жолго коюлду. Областтык жана райондук борборлордон агитпоезд, автоклуб, автолавкалар график боюнча тез-тез катташат. Жаш малчылар менен зооветеринардык

окуу уюштурулду. Чакан коллективде комсомолдук уюм жана профсоюздук топ түзүлдү.

1977—1979-жылдардын ичинде бригада мамлекетке 225,56 ц уяң жүн тапшырып, 1016,9 ц кошумча салмак өндүргөн. Ар бир токтудан кыркылып алынган жүн үч килограммдан алда канча ашкан. «Улахол» совхозунда жыл башындагы бир койго эсептегенде 35 сом 20 тыйын продукция өндүрүлсө, бригадада бул көрсөткүч 3 сом 88 тыйынга жогору.

Бригаданын негизги максаты — областтын башка чарбаларына асыл тукум мал катары сатуу жана совхоздук соолук оторлорун толуктоо үчүн жогорку класстагы токтуларды өстүрүү. Бригада козу бөлүктө төрт айлык козуларды өткөрүп алып, бир жарым жашына чейин багууга адистешкен. Бонитировканын маалында «Алтын-Булак» бригадасында өстүрүлгөн токтулардын 65 %ти элита жана биринчи класска татыктуу болгон. Совхоздогу элита классындагы 434 баш токтунун дээрлик бардыгы ушул бригадада өстүрүлгөн. Кой чарбасын мындан ары дагы интенсивдүү өнүктүрүүнүн чечүүчү факторлорунун бири — койдун структурасын өркүндөтүү, башкача айтканда, жалпы кой башынын ичинде тубардуулугун жогорулатуу. Койдун тубардуулугун жогорулатуу, кышкы жана эрте жаздагы төлдөтүүгө өтүү тубардын төлчүлдүгүн арттырып, жүз тубарга алынуучу төлдү көбөйтөт дагы, кайра өндүрүүгө жараксыз козуларды жайытта багып семиртүүнүн жана бордоп семиртүүнүн натыйжасында туулган жылында эле этке төгүүнүн эсебинен жүн жана кой этин өндүрүү көбөйөт. Ошондуктан, козуларды этке төгүү эт өндүрүүнү көбөйтүүнүн жана өздүк наркын арзандатуунун, кой чарбасынын натыйжалуулугун жогорулатуунун эң маанилүү шарттарынан болуп эсептелет.

Козу этин өндүрүү биологиялык жана экономикалык жактан айрыкча эт-жүн багытындагы кой чарбасында, жогорку натыйжа бере тургандыгын алдыңкы тажрыйба-

лардын жана илимий изилдөөлөрдүн жетишкендиктери көрсөттү.

Тяньшань тукумундагы козуларды жайытта семиртүү — козу этин көбөйтүүнүн эң мыкты жолу, себеби, алардын организминде дененин өсүү жана ич май алуу менен этке май кеңири чачылып эттенүү процесстери бир убакта өтөт. Бул болсо тоютту аз чыгымдап, көп эт өндүрүүгө шарт түзөт.

Козулар чоң койлорго караганда тез өсүп, бат семирет жана тоютту актоо жөндөмдүүлүгү да жогору. Тяньшань тукумундагы 6—8 айлык жаштагы козулар суткасына 167 г салмак кошкондо анын ар бирдигине 6,04 тоют бирдиги, ал эми 149 г кошкондо 6,44 тоют бирдиги сарпталары байкалды. Козуну жайытта семиртүү күзгө тарта жүргүзүлүп, кеч күзгө чейин созулат. Ошондуктан бул иштин натыйжасы туура уюштурууга, жайыттын отуна, семиртүүнүн созулушуна, козунун тукумуна, жынысына, жашына, семиздигине, баккан чабандын тажрыйбасына жана жаюунун техникасын колдоно билүүгө байланыштуу.

Семиртүүгө коёрдун алдында козуларды оторлорго туура топтоо зарыл. Топтоо жыныстыгына, жашына, семиздигине жана туулган убагына (кышында, эрте жаз жана жазгы) жараша жүргүзүлөт. Мындай болбой калган учурда жайытты рационалдуу пайдаланууга жана козуларды семиртүүгө кыйынчылык келип калат. Себеби ирдүү жана тың козулар алдыга жайылып, жайыттын чөбүн тепсеп таштайшат, нык семире алышпайт. Жайытта семиртүүгө негизинен кайра өндүрүүгө жараксыз козулар, кочкорлор, токтулар коюлат жана семиртүү күз айларында жүргүзүлгөндүктөн бийик тоолуу шартта оторлордун өлчөмү төмөндөгүдөй болуусу тийиш: токтулар —600—700 баш, бруктар 700—800 баш, кочкорлор —500—550 баш.

Семиртүүнүн жыйынтыгы негизинен чабандык бригаданын составына, алардын иш тажрыйбасына көптөн-көп байланыштуу, себеби, алар козуларды жайытта семиртүү менен катар алгачкы учурда аларды туура жайылтууга

көндүрүү зарыл. Ошондуктан чабандык бригаданын составы мал семиртүү боюнча тажрыйбасы бар адамдардан түзүлүшү тийиш. Бир оторду эки киши, ал эми кошумча тоют берген учурда үч киши тейлейт. Кайра өндүрүүгө жараксыз козуларды семиртүүгө коёрдун алдында ветеринардык короодон өткөрүү зарыл. Гексахлорандын 0,25—3 %тин жана креолиндин 1 %түү эритиндилеринин аралашмасына чөмүлтүү керек. Бул иш козуларды кырккандан кийин жүргүзүлсө талапка ылайыктуу. Күзүндө адырлардын жана бөксөлөрдүн чөбү бат куурап кетет. Ошондуктан, козуларды жайлоодон убагында айдап түшүп, суусу кенен оттуу жайыттарды бөлүп берүү керек. Биздин жүргүзгөн тажрыйбалар көрсөткөндөй, козуларды табигый жайытта жаюуну дан эгиндеринин же бир жылдык айдалма чөптүн аңызы менен айкалыштыруу жакшы натыйжа берет.

Жайытты пайдаланууну төмөндөгүчө уюштурса дурус болот. Түшкө чейин козулар арпанын же бир жылдык чөптүн аңызында жайылат, себеби, аңыз чөбү күзгү кыроонун натыйжасында жумшап, чыктуу болуп, мал жакшы оттойт. Ал эми түштөн кийин алысындатып, табыгый жайытта суу бойлотуп жаюу керек.

Козуларга кошумча концентраттык тоют бергенде, кошумча тоют жебегендерге караганда 15—18% ке салмакты көп кошуп, эттүү келет. Ошондуктан ар козуга 0,25—0,3 г дан арпанын адырасын же аралашма тоют берүү зарыл.

Козуну семиртүүнүн дагы бир шарты — аларды жаюунун техникасын өздөштүрө билүү. Аларды чубатып жайбай, каптатып жаюу керек. Отордун алдында чабан жүрүп, аны жай каптатуу менен чөптү тепсетпей, толук оттоого мүмкүнчүлүк берүү керек.

Жайытты ийкемдүү пайдалануу үчүн аны тилкелерге бөлүп колдонуу керек, себеби, мындай учурда баш аламандыкка караганда анын оттуулугу 40% ке арбыйт.

Табыгый жайытта семиртүү менен козу этин өндүрүүнү көбөйтүү — материалдык жана эмгек каражаттарын аз чы-

ıымдап, жыл башындагы бир койго жана айыл чарбасында пайдалануучу ар гектар жерге жогорку сапаттагы кой этин өндүрүүнү жогорулатууга өбөлгө берет. Козу этинин бир центнеринин өздүк наркын негизинен чабандын эмгек акысы жана кошумча тоюттун наркы түзөт.

Айрым чарбаларда малдын башын өстүрүү планы аткарылбайт,— деген шылтоо менен тигил же бул зооветеринардык себептер боюнча кайра жараксыз болгон, бракталган козуларды кышка калтыруу практикаланууда. Натыйжада кыш мезгилинде тоюттун жетишсиздигинен мындай козулардын эсебинен өндүрүмсүз чыгымдар көп болуп жатат. Эгерде чарба жетекчилери менен зооветеринардык адистер туура ойлонуштуруп жараксыз козуларды кышында ыксыз чыгымга учуратуунун ордуна күзгү жайытта семиртүүдөн кийин этке төгүүнү уюштурушса талапка ылайык болор эле.

Ак-Талаа районундагы Жданов атындагы колхоздо тяньшань тукумундагы козуларды туулган жылында эле этке төгүү кеңири практикаланууда. Бул колхоздо жыл сайын кайра өндүрүүгө жараксыз болгон бычылбаган эркек козуларды жайытта кошумча тоют берип семиртишет. Жайыт аянты көп жылдык чөптүн көрпөсү жана дан эгиндеринин аңызы. Ар бир козуга мындан тышкары 400 г га чейин арпанын адырасы же аралашма тоюттар берилет. Август айынын аягында семиртүүгө коёрдун алдында ко-

*4-таблица*

**Жданов атындагы колхоздо козуларды этке өткөрүүнүн натыйжалуулугу**

| Жылдар | Этке тапшырылган козу, баш | Орточо тирүүлөй салмагы, кг | Орточо жүн кыркымы, кг | Бир козудан алынган киреше, сом |
|---|---|---|---|---|
| 1979 | 1331 | 34,2 | 1,20 | 65,30 |
| 1980 | 2710 | 36,0 | 1,30 | 76,06 |
| 1981 | 2086 | 37,3 | 1,45 | 83,99 |

зулар кыркылат. Этке төгүү сегиз айлык жашында октябрь айынын аягында жүргүзүлөт. Натыйжада жогорку көрсөткүчтөр камсыз болууда.

Кой этин өндүрүүнү көбөйтүүнүн жана анын сапатын жакшыртуунун дагы бир жолу — аш болумдуулугу боюнча балансталган тоюттар менен бордоп семиртүүнү уюштуруу болуп эсептелет.

### Тяньшань тукумундагы койлорду өркүндөтүү жолдору

**Асылдандыруу иштерин өркүндөтүү.** Азыркы учурда тяньшань тукумундагы койлорду өстүрүүчү зонада бул койдун саны 750 миң башка жетип калды. Кроссбред жана кроссбред тибиндеги жүндү өндүрүү республикадагы жалпы өндүрүлгөн жүндүн 3 проценттен ашыгын, ал эми зонада —40% ти түзөт. Асыл тукум чарбалары болуп эсептелген Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында, Тянь-Шань районундагы Куйбышев атындагы колхоздо бул тукумдагы койдун калыптанган типтери түзүлүп, продуктуулугу жылдан-жылга артууда. Ошондой болсо дагы зонадагы чарбаларда уяң жана жарым уяң жүндүү аргын койлор көп кездешүүдө. Эми алдыдагы милдет — мына ушундай аргын койлорду таза тукумдагы койлорго айландыруу болуп эсептелет. Ошондуктан, келечекте бул койду өстүргөн зона өзгөрбөстөн, анда толугу менен таза тукумдагы тяньшань койлорун өстүрүү үчүн эт-жүн багытындагы кроссбред жүндүү кой чарбасынын үлүшү жогорулайт.

Тяньшань тукумундагы койлорду өстүргөн чарбаларда селекциялык иштер каалаган типти өркүндөтүү максатында тирүүлөй салмагын, тоютту актоо жөндөмдүүлүгүн, тез жетилүүсүн, ошондой эле жүн кыркымын жогорулатуу жана жүнүнүн технологиялык сапаттарын жакшыртуу багытында жүргүзүлмөкчү.

Асыл тукум мал өстүргөн чарбаларда асылдандыруу иштери үчүн таза тукумдагы койлорду өз ичинен кочкор

салып, линиялык топтор боюнча өстүрүү методу колдонулат.

Асыл тукум кой өстүрүүчү заводдун эң негизги милдети койлордун кунардуулугун жогорулатуу менен жогорку класстагы кочкорлорду жана токтуларды башка чарбаларга, мамлекеттик асыл тукумдаштыруу станцияларына сатуу болуп эсептелет. Ушул максатта заводдо элита жана биринчи класстагы мыкты соолуктардын оторлорунан селекциялык ядро түзүлүшү керек. Мындай оторлордо жупташтыруу жекече жүргүзүлөт.

Ар бир заводдо бири-биринен кээ бир продуктуулук касиеттеринин өзгөчөлүгү менен айырмаланган линиялык топтогу койлор өстүрүлүүгө тийиш. Көрүнүктүү окумуштуулардын (М. Ф. Иванов, Л. К. Гребень, Г. Р. Литовченко ж. б.) жана практик-селекционерлердин далилдөөсү боюнча бир заводдо 5—6 линиялык топтун болушу зарыл. Асыл тукум мал заводу болуп эсептелген Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында койлордун төрт линиялык тобу түзүлгөн жана өстүрүлүүдө. Булар — узун жүндүү, оор салмактуу, коюу жүндүү жана узун жалтырак жүндүү койлордун линиялык топтору. Ар бир линияда койлордун саны өз ара жупташтыруунун негизинде көбөйөт.

Азыркы учурда заводдо жаңы линиялык топторду түзүү иштери улантылууда. Көп төл берүүчү, сүттүү, тез жетилүүчү жана тоютту актоосу жогору, жүнүнүн технологиялык сапаттары жакшыртылган койлордун, линиялары түзүлүүдө.

Көп төл берүүчү жана сүттүү койлордун линиялык тобун түзүү иши асыл тукум мал заводунда эгин жана жалкы төлдөгөн койлорду туугандан баштап козу бөлүккө чейин контролдук саан жүргүзүү жолу менен башталган. Көп сүт берген эгизчил койлор өзүнчө топтолуп, алардын төлүнө байкоо жүргүзүлгөн. Эксперименталдык иштердин жүрүшүндө эгизчил койлор сүттүү келе тургандыгы же сүттүү койлор эгизчилдердин арасынан көп кездеше тургандыгы аныкталган.

1980-жылы күзүндө мындай койлордун линиялык тобун түзүү максатында ар кандай төрт линиядагы козу кочкорлорду контролдук бордоп багуу жүргүзүлүп, андагылардын ичинен орточо суткалык салмак кошуу жана тоютту актоо көрсөткүчтөрү боюнча үч козу кочкор негизги өндүргүчтөрдү толуктоого тандалып алынган. Алардын орточо салмагы эки жарым жашында 103—114 кг дан айланып, жүн кыркымы 8,5—9,0 кг болгон. Кочкорлорду төлүнүн сапаты боюнча баалоо максатында бир жарым жашында уруктандырууга коё берилип, алардан 62 баш токту алынып, туулгандан 5 айлык жашына чейинки суткалык салмак кошуусу145—154 г дан айланган.

Жаңы линиялык топту түзүү үчүн суткалык орточо салмак кошуу көрсөткүчүн пайдалануунун себеби бул көрсөткүч менен тоютту актоо көрсөткүчүнүн ортосунда өтө тыкыз корреляциялык байланыш бар же канчалык кошумча салмактын деңгээли жогору болсо, ошончолук продукциянын бирдигине өндүрүү үчүн тоют аз сарпталат. Көпчүлүк илимий изилдөөлөр айгинелегендей, бул эки көрсөткүчтүн ортосундагы байланыштын коэффициенти 0,82—0,89 түзөт. Мындай болгон шартта кошумча салмактын деңгээли боюнча тандоо тоютту актоонун көрсөткүчү боюнча жүргүзүлүүчү тандоонун белгиси болуп да кызмат кыла алат. Ошондуктан, массалык селекция жүргүзүлүүдө бул белги боюнча дагы ылгоого болот. Бирок, ошондой болсо дагы аталган белгилерди тукумуна берүү жөндөмдүүлүгүн баалоо аркылуу кочкорлорду тандоо жогорку натыйжаны камсыз кылат.

Демек, тез жетилүүсүн жана тоютту актоо касиеттерин өркүндөтүү үчүн жүргүзүлүүчү селекциялык иштерди малды өзүнүн продуктуулугу жана төлүнүн сапаты боюнча тандоо багытында жүргүзүү керек. Мында кочкорлордун төлүнүн бул касиетин контролдук топ түзүп, бордоону уюштуруу менен баалоону практикалоо зарыл. Эт-жүн багытындагы койду өстүргөн асыл тукум заводдордо кочкорлорду төлүнүн сапаты боюнча текшергенде баалоонун ком-

плексине тез жетилүү жана тоютту актоонун көрсөткүчтөрүн дагы киргизүү керек. Ошондой эле жүнүнүн өсүш темпин дагы баалоо керек. Ишти мындайча жүргүзгөндө өндүргүчтөрдүн генетикалык өзгөчөлүктөрүн толугу менен ачууга жана байкоого болот, себеби, борго байлоону интенсивдүү уюштуруу эт продуктуулугу менен катар, жүн продуктуулугунун өсүшүнө дагы зор таасирин тийгизет.

Койду линия боюнча өстүргөндө бир түрдүүчө жупташтырууну пайдалануу керек. Ар бир линиянын ичинде линияга мүнөздүү болгон белгилерге ээ болгон койлорду жалгаштыруу практикаланат. Мындай болгондо линиядагы койлордун линиянын «негиздөөчүсүнө» генетикалык окшоштугун камсыз кылуу менен каалаган белгилерди тукумунда туруктуу сактап калууга жетишүүгө болот. Койлорду линия боюнча өстүргөн ата-теги бир малдарды жалгаштыруу менен байланыштуу (инбридинг). Инбридингди туугандыгы өтө эле тыкыз кочкорлор менен койлорду жалгаштыруу аркылуу колдонгондо тукумдук же линиялык белгилерди бекемдөө менен айрым учурда терс таасирин тийгизиши мүмкүн, себеби өтө эле тыкыз инбридингде алынган төлдүн жашоого жөндөмдүүлүгү, продуктуулугу начарлап, төл берүүчүлүгү ылдыйлайт. Инбридингдин зыяндуу жактарын кийинки тукумда болтурбоо үчүн мындай жалгаштырууда дени чың, тулку боюнда жетишпеген жактары болбогон, конституциясы бекем койлорду пайдалануу зарыл.

Өтө тыкыз инбридингди болтурбай камсыз кылуу үчүн ар бир линияда 500 баштан кем эмес соолук жана 10 баштан кем эмес өндүргүч болуусу тийиш деп сунуш кылат айыл чарба илимдеринин доктору, профессер А. И. Ерохин (1981).

Айрым учурда койду линия боюнча узак убакыт бою өстүргөндө селекциялык белгилер боюнча тандоо-ылгоонун натыйжалуулугу төмөндөп кетиши мүмкүн. Ошондой эле линиялардын баалуу сапаттарын айкалыштырып, койдун продуктулуу жаңы линиясын түзүү маселеси козголот.

Мындай учурларда бир линиядагы кочкорлорду экинчи линиядагы койлор менен жупташтыруу (кросс) жүргүзүү керек. Линияларда кроссту пайдалануу ички породалык гетерозистин касиеттеринин таасири астында алынган төл жогорку продуктуулугу менен айырмаланат. Бирок практика жүзүндө бардык эле линиялар же жогорку класстагы койлор короого мыкты төл бербеши мүмкүн. Ошондуктан, кроссту массалык түрдө баштоонун алдында линиялардын комбинациялык жөндөмдүүлүктөрүн текшерүү керек. Муну үчүн селекциялык эксперимент жүргүзүп, селекционер кайсы линия кандай линия менен жакшы айкалыша тургандыгын билүүсү тийиш. Тяньшань тукумундагы койлордун кросс боюнча жупташтырууда төмөндөгүдөй схеманы колдонууга болот.

| Соолуктун линиясы | Кочкордун линиясы |
|---|---|
| Узун жүндүү | Коюу жүндүү |
| Жогорку салмактуу | Коюу жүндүү |
| Коюу жүндүү | Узун жүндүү |

Асыл тукум мал өстүрүүчү заводдордо элита жана биринчи класстагы мыкты соолуктардын оторлорунан турган селекциялык топ түзүү керек жана бул топко кирген оторлордо бир өңчөй жекече жупташтырууну пайдаланып, жогорудагы белгиленген селекциялык иштер дагы тереңирээк жүргүзүлсө максатка ылайык болот.

Койлордун асыл тукумдук жана продуктуулук сапаттарын өркүндөтүүдө өз ичинен кочкор салып өстүрүүнүн ыкмаларынан башка дагы аргындаштыруу да колдонулат. Тяньшань тукумундагы койдун жүнүнүн коюулугун арттырып, анын технологиялык сапаттарын жакшыртуу максатында асыл тукум мал заводунда австралиялык корридель тукумундагы кочкорлорду аргындаштыруунун «кан куюу» ыкмасы аркылуу колдонулууда.

Австралиялык корридель тукумундагы кочкорлордун

таза тукумдагы биринчи класстагы тяньшань соолуктарына жалгаштырышат. Алынган биринчи муундагы төлдүн токтуларын тяньшань тукумундагы өндүргүчтөр менен жалгаштырышат. Мындай аргындаштырууну жүргүзгөндө койдун жүнүнүн топтошуп, уч жагы самсаалап турган формасын сактап калууга жетишүү керек, себеби рунонун түзүлүшүнүн мындай формасы койлордун бийик тоолу катаал шарттарга көнүгүүсүнүн факторлорунун бири болуп эсептелет. Ишти ушундай багытта жүргүзгөндө гана тяньшань тукумундагы койлордун эт-жүн продуктуулугун арттыруу менен андан кыркылып алынган ар кандай административдик райондордо өндүрүлгөн кроссбред жүнүн өнөр жайы талап кылган бир тибине жетишүүгө болот.

Асыл тукум мал өстүргөн колхоздордо, совхоздордо жана колхоз-совхоздордун асыл тукум фермаларындагы асылдандыруу иштеринин негизги максаты — тяньшань тукумундагы койлордун асыл тукумдук жана продуктуулук сапаттарын арттыруу менен колхоз, совхоздорго сатуу үчүн жогорку класстагы токтуларды жана козу кочкорлорду өстүрүүнү камсыз кылуу болуп саналат. Бул категориядагы чарбалардын кою негизинен таза тукумдагы койлордон турушу керек. Асыл тукум малды өз ичинен кочкор салып өстүрүлөт. Бул үчүн өндүргүчтөр өзүндө өстүрүүлүсү жана асыл тукум мал заводунан сатылып алынышы тийиш.

Товардык чарбаларда аргын койлордо кан синирме аргындаштыруу ыкмасын тяньшань тукумундагы койдун тибиндеги мал түзүлгөнчө колдонулат.

Азыркы учурдагы бул тукумдун түзүлгөн тиби келечекте да негизги тип катары сакталат. Мындай койлор — ирдүү, салмактуу келип, эт формасы жакшы билинген, жүнү топтошуп, уч жагы самсаалап түшүп орточо кроссбреддин талабына жооп бериши тийиш же башкача айтканда, жүн талчаларынын узундугу 13—14 см ден кем эмес, ичкелиги 50—56 сапатка таандык. Таза буланын чыгышы 65—70% тен кем болбоосу керек.

Кроссбред жүндүү кой чарбасы райондоштурулган зо-

нанын райондору дагы бири-биринен табигый-климаттык айрым шарттары менен өзгөчөлөнүп турушат. Ошондуктан, келечекте тяньшань тукумундагы койдун негизги тибин сактоо менен тулку боюнун пропорциясы, рунонун түзүлүшү боюнча айырмаланган ошол райондун шартына ылайыкташкан породанын ичиндеги типтерди түзүү боюнча иш алып баруу зарыл. Алып айтсак, Ак-Талаа районунда климаты кургак келип, чөбү жапыз бетегелүү. Бул райондун шартына бою бир аз жапыз, эт формасы орто өнүккөн, коюу жүндүү, башкача айтканда, жүнүнүн узундугу 12—13 сантиметр келип, ичкелиги 58—56 сапатта болгон койлордун тиби өстүрүлүүсү тийиш. Жакшыртуучу катары негизинен 6143 номерлүү коюу жүндүү кочкордун линиясына таандык болгон өндүргүчтөр пайдалынышы зарыл.

Тогуз-Торо районунун аба-ырайы жыл ичинде жаанчачындуу келиши менен мүнөздөлүп, жайыттары узун чөптүү келет. Мындай шартта селекциялык иштер жүнү орточо кроссбреддин талабына ылайык келген эт формасы мыкты өнүккөн тез жетилүүчү койлордун тибин түзүү багытында жүргүзүлөт. Бул райондун колхоз жана совхоздорунда 3929 номерлүү узун жүндүү кочкордун линиясынын өндүргүчтөрү жана түзүлүп жаткан тез жетилүүчү жана тоютту актоо жөндөмдүүлүгү жогору болгон линиядагы өндүргүчтөр пайдаланылат.

Тянь-Шань районунун чарбаларында койдун азыркы тиби сакталат.

Тяньшань тукумундагы койлорду өстүрүү боюнча негизги асыл тукумдук база болуп Ленин ордендүү Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясы жана ушул эле райондогу Куйбышев атындагы колхоздун асыл тукум фермасы эсептелет. Келечекте бул базаны дагы кеңейтүү үчүн асылдандыруу иштерин күчтөндүрүү менен Куйбышев атындагы колхозду асыл тукум кой өстүрүүчү заводго айландыруу, ошондой эле зонадагы алдыңкы чарбалар болуп эсептелген Тянь-Шань районундагы № 53 жылкы заводунда, Ак-Талаа районундагы Жданов атындагы жана Тогуз-

Торо районундагы «Бирдик» колхоздорунда асыл тукум фермаларын түзүү зарыл. Бул милдетти ишке ашыруу үчүн Эмгек Кызыл Туу ордендүү Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүштүк бирикмесинин жарым уяң жүндүү кой чарбасын өстүрүү боюнча селекциялык лабораториясынын илимий кызматкерлери аталган чарбалардын зоотехникалык адистери жана чабандары менен бирдикте иш алып барышууда.

Азыркы учурда асыл тукум чарбалар зонадагы колхоз-совхоздорго жыл сайын жети миңден ашуун баш асыл тукум токтуларды жана кочкорлорду сатышат. Жогорудагы белгиленген чарбалар апробацияланып, алардагы койлордун кунардуулугу калыптангандан кийин биздин эсептөөлөрүбүз боюнча зонада асыл тукум чарбалар тарабынан койлорду жайылтуунун жылдык саны 1990-жылы 20,5 миңге жетмекчи.

Асыл тукум фермаларда эреже катары асыл тукум заводдо өстүрүлүп, тукумунун сапаты боюнча бааланган кочкорлорду пайдаланууга жетишүү зарыл.

Жаңы түзүлүүчү асыл тукум фермаларды өздөрүнө өстүрүлгөн токтулардын мыктысын тандоо менен катар, Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынан жана Куйбышев атындагы колхоздон таза кандуу токтуларды алып келүү менен дагы толуктоо керек. Мындай фермаларда селекциялык иштердин комплекси үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, кочкорлорду тукуму боюнча баалоо сөзсүз ишке ашырылышы тийиш.

Ошондуктан өзүнүн мыкты касиеттерин тукумуна такай берүүчү жогорку продуктулуу өндүргүчтөрдүн тобун түзүүгө жетишүү зарыл. Бул максатка мейли асыл тукум мал заводунда болсун, мейли асыл тукум фермаларында болсун, өндүргүч кочкорлорду тандап-ылгоонун жыйынтыктоочу баскычы болгон иш чараларды төлүнүн сапаты (генотиби) боюнча текшерүүнү системалуу түрдө жүргүзүү керек.

Тяньшань тукумундагы койлордун аргындарын өстүргөн

чарбаларда тандоо-ылгоо жана жуптоо иштери ситемалуу түрдө жүргүзүлүп, бул тукумдун тибине жетишкен койлорду өзүнчө оторго топтоо зарыл. Ар жыл сайын койлор бонитировкаланып, бардык соолук жана ирик оторлор зоотехникалык кароодон өтүп, чарбадагы койдун тукумдук жана класстык составы аныкталып турулат. Мунун негизинде токтуларды кыркындан кийин, соолуктарды козу бөлүктөн кийин тукумдук класстык белгисине ылайык жашы боюнча оторлор түзүлөт. Асыл тукумдук жана өндүрүштүк жактан бракталган койлорду өзүнчө оторго топтоп, андан кийин этке төгүү керек. Ирик оторлордун арасында да кыркындын алдында атайын кароо жүргүзүлүп, салмагы жана жүн кыркымы төмөн, жүнүнүн сапаты начарларын атайын семиртүүдөн кийин этке төгүү зарыл.

Товардык чарбаларда өндүргүч кочкорлорго өзгөчө көңүл бурулушу керек. Аларды ар жыл сайын жекече бонитировкадан өткөрүп, жүн кыркымынын эсебин алуу менен өндүргүчтөрдү тапкыч кочкорлордон өзүнчө багуу зарыл. Эгерде өндүргүчтөр жетишпесе, аны асыл тукум чарбалардан сатып алып, толуктоо керек.

Кроссбред жүндүү кой чарбасы зонасында уяң жана жарым уяң жүндүү аргын койлорду тяньшань тукумунун тибине айландырууда асылдандыруу жана малды жасалма жол менен уруктандыруу боюнча Нарын областтык мамлекеттик станциясы жана анын райондордогу филиалдарына чоң роль таандык жана ал аргын койлорду кроссбред жүндүү койго айландыруунун борбору болуп кызмат кылышы керек.

Мамлекеттик асылдандыруу станцияларынын өндүргүч кочкорлору негизинен асыл тукум мал заводунун эсебинен толукталышы тийиш жана алар төлүнүн сапаты боюнча текшерилип, жакшыртуучу деп табылган өндүргүчтөр пайдаланылат. Текшерүүнүн натыйжасында толуктоочу кочкорлордун төлүнүн 70% ти каалаган типте болсо станцияларда колдонууга болот. Бул станциялардын шартында жупташтыруу планын түзгөндө «бир отор соолукка бир

өндүргүч» деген принципти пайдалануу керек, себеби, мындай болгондо ар кочкорду төлүнүн сапаты боюнча баалоого да мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Койду тоюттандыруу жана багууну жакшыртуу.** Койду өстүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун жана анын асыл тукумдук, продуктуулук сапаттарын арттыруунун маанилүү шарттарынын бири—толук баалуу тоюттандыруу жана максатка ылайык багуу. Мында эң башкысы — малды жылдын бардык мезгилиндеургалдуу тоюттандырууну камсыз кылуу болуп эсептелет, себеби жылдын ичиндеги сезондорго жараша берилүүчү тоюттардын өлчөмү, составы жана аш болумдуулугу өзгөрүлүп турат. Ошондой эле тоютту өндүрүүнүн, сактоонун жана даярдоонун технологиясынын тигил же бул элеметтерине ылайык алардын сапаты жана аш болумдуулугу да ар түрдүүчө болот.

Койду жыл бою толук баалуу тоюттандыруу малдын чыгашасыз асыралышын, көп жүндү кыркып алууга, жогорку сапаттагы эт өндүрүүгө жана мыкты төл алууга мүмкүндүк түзөт. Бийик тоолуу зонада негизинен койду багуунун жайытта жана жарым-жартылай колдо багуу системасы кеңири колдонулат.

Өндүргүч жана тапкыч кочкорлор, толуктоочу жана асыл тукум мал катары сатылуучу козу-кочкорлор, токтулар ноябрь айынан апрель айынын экинчи жарымына чейин чөп жана концентраттык тоюттар менен кошумча тоюттандырылат. Соолук койлор кар калың түшкөн жылдары колдо багылат. Ириктер да негизинен жайытта багылуу менен концентраттык тоют же чөп, саман менен кошумча тоюттандырылат.

Койлорду толук баалуу тоюттандырууда протеин менен камсыз болушу чоң мааниге ээ. Ошондуктан, Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүштүк биримесинин сунуштарында (1981-жыл) белгиленгендей, бир кг тоют бирдигине токту-боруктар үчүн 120—130 г, бооз койлор үчүн 100—105, козу эмизген койлор үчүн 115—120, бордоодо коюл-

ган койлор үчүн — 95—100, өндүргүчтөр үчүн 120—130 г протеин керектелет.

Бул сунуштардын негизинде бийик тоолу зонада бир койго керектелүүчү тоюттун нормасы кесек тоюттуку — 2,5 ц, силос — 1,8, концентраттык тоют —0,51, жайыт чөбү —15,7 ц түзөт, же болбосо кой башына 515 кг тоют бирдиги жана 58,2 кг аш болумдуу протеин сарпталуусу тийиш.

Соолук койлорду багууга жана тоюттандырууга зор көңүл бурулушу тийиш. Ошондуктан, алардын тоют нормасы уруктандыруу убагында төл көтөрүүнүн биринчи жарымына караганда 20% ке жогору болуш керек, себеби, кой эттүү болуп, жакшы тоюттандырылса күүгө бат келип, эгизчил болушуна шарт түзүлөт. Ошондой эле кыштатууга да оң таасирин тийгизет. Козу көтөрүүнүн экинчи жарымында түйүлдүк өтө бат өсөт, бул убакта соолукка берилүүчү тоюттун өлчөмүн жогорулатуу керек.

Бийик тоолу катаал шартта койду багууда март-апрель айларындагы тоюттандырууга айрыкча көңүл бурулуусу тийиш. Бул мезгилде тоюткордун да запасы азайып, жерге көк чөп жаңыдан гана чыгып келе жаткан учур болот. Начар тоюттандырылып, көк чөпкө жайылган койлордун тамак-аш сиңирүү органдары дартка чалдыгуу менен койдун арыктап, чыгашага учурашына алып келиши мүмкүн. Ошондуктан, тоют балансын жана планын түзгөн кезде адистер мына ушул мезгилди эске алуулары тийиш. Кой канчалык эттүү болуп, тоюттандыруу деңгээли жогору болсо, көк чөпкө өскөндө тамак-аш сиңирүү органдарынын ар кандай бузулуусуна алып келбейт.

## Кроссбред жүндүү кой чарбасын өстүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугу

Советтер Союзунун Коммунисттик Партиясынын XXVI съездинде «рентабелдүүлүктү жогорулатууга, өндүрүштүн зыян тартышын жоюуга, пайданы көбөйтүүгө жана баары-

дан мурда продукциянын өз наркын төмөндөтүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана сапатын жакшыртуунун эсебинен жетишилсин» деп белгиленген.

Демек тяньшань тукумундагы койдун өзүнчө тукум болуп таанылышы жана анын белгиленген зонага кеңири таралышы менен Нарын областындагы колхоз жана совхоздордун адистери, чабандары айыл чарба өндүрүшүнүн дагы бир жогорку продуктулуу өндүрүш каражатына ээ болушту. Бул тукумдагы койду өстүрүү чарбаларда продукция өндүрүүнүн жогорку экономикалык натыйжалуулугун камсыз кылуу менен алардын экономикасын дагы көтөрүүдө чечүүчү ролду ойнойт, себеби бийик тоолу зонада табигый-климаттык жана экономикалык шарттарга ылайык кой чарбасы айыл чарба өндүрүшүнүн негизги тармагы болуп эсептелет. Кой этин, жүндү жана башка кой чарба продукцияларын мамлекетке сатуудан түшкөн киреше бардык кирешенин 90 проценттен ашыгын түзөт.

Ошондой эле эт-жүн багытындагы кой өзүнүн биологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу жогорку сапаттагы продуктыларды өнөр жайы үчүн сырьёну көп берүү мүмкүндүгүнө ээ. Советтик ири окумуштуу ВАСХНИЛдин академиги М. Ф. Иванов СССРдин кой чарбасынын өсүпөнүгүү жолдорун изилдеп чыгып, эт-жүн багытындагы койлордун эң интенсивдүү жана эң пайдалуу экендигин, жогорку сапаттагы көп сандагы жүн берүү, тез өсүп жетилүү жана көп эт берүү касиеттери менен бирге, бул багыт эң өндүрүмдүү болуп эсептелет деп белгиленген.

Бул тукумдагы койдун продуктуулугунун калыптануусунун, тукумдук мана класстык составынын жакшырып жана санынын өсүшү кроссбред жүндүү эт-жүн багытындагы тяньшань койлорун өстүргөн чарбалардын экономикасынын өсүшүнө жана чыңдалышына жакшы таасирин тийгизди. Буга биринчи кезекте асыл тукум мал заводу болуп эсептелген Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын кой чарбасынын экономикалык көрсөткүчтөрү мисал боло алат.

*5-таблица*

**Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын кой чарбасынын кирешелүүлүгү**

| Көрсөткүчтөр | Орто эсеп менен беш жылдыкта | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1966—1970 | 1971—1975 | 1976—1980 | 1981 |
| Кой чарбасынан түшкөн кирешелер, миң сом | 2193,0 | 2810,4 | 2669,4 | 2829,8 |
| Продукцияны өндүрүүгө кеткен чыгымдар, миң сом | 823,4 | 1106,1 | 1509,6 | 1680,6 |
| Накта пайда, миң сом | 1369,6 | 1704,3 | 1159,1 | 1149,2 |
| Бир койго эсептегенде (сом менен): | | | | |
| Кирешелер | 43,86 | 55,77 | 55,66 | 66,50 |
| Чыгымдар | 16,47 | 21,95 | 31,48 | 39,49 |
| Накта пайда | 27,39 | 33,82 | 24,18 | 26,01 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, 1976—1980-жылдарда 1966—1970-жылдарга салыштырганда кой чарбасынан түшкөн кирешелердин жалпы суммасы 29,0 процентке өскөн, ал эми бир койго эсептегенде 66 сом 50 тыйынды түзүү менен 51,6% ке жогорулаган. Накта пайда алуунун деңгээли 1971—1975-жылдарда өскөн, ал эми онунчу беш жылдыкта төмөндөп кеткен менен 1981-жылдан баштап жогорулай баштаган, себеби 1976—1980-жылдар станциянын шартында аба-ырайынын катаалдыгынын натыйжасында продукция өндүрүү бир аз төмөндөп кеткен.

Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында 1980-жылы бир койго эсептегенде 25 сом 78 тыйындан накта пайда алынса, республиканын айыл чарба министерствосунун совхоздорунда жана колхоздорунда бул көрсөткүч 3,56 жана 9,55 сомду түзгөн. Демек кроссбред жүндүү койлорду өстүргөн чарба өзүнүн жогорку экономикалык натыйжалуулугу менен айырмаланары шексиз.

Кой чарба продуктыларын сатуудан түшкөн каражаттардын структурасын талдап көрсөк, кирешенин 16,0% тин этке өткөрүүдөн, 28,3 — асыл тукум кой сатуудан жана орчундуу бөлүгү —55,7% ти жүндү мамлекетке сатуудан түшкөн, себеби станция жыл сайын 1600—1700 ц ден кроссбред жүнүн өткөрөт жана жүндү иштетүүчү өнөр жай ишканалары тарабынан жогорку баада кабыл алынат.

Ак-Талаа районунун чарбаларында кроссбред жүнүнүн үлүшү мамлекетке сатылган жүндүн 10,7% тин түзсө, бир кг жүндүн орточо баасы 8,68 сомдон, Тогуз-Торо районунда бул жүн 68,9% ке барабар болуу менен 9,06 сомдон өткөрүлгөн. Ал эми Тянь-Шань районунда тиешелүү түрдө 47,0% жана 9, 56 сом болгон. Демек кроссбред жүнүнүн мамлекеттик сатып алуу баасы жогору болгондуктан, жалпы сатылган жүндө анын үлүшү жогорулаган сайын жүндүн орточо сатуу баасы дагы кымбаттайт.

Кроссбред жүндүү кой чарбасын өстүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугун талдоо максатында Ак-Талаа районундагы товардык эки чарбанын экономикалык көрсөткүчтөрүн да салыштырып карап көрдүк.

*6-таблица*

**Кой чарбасынын эконономикалык натыйжалуулугунун салыштырма көрсөткүчтөрү (1981-жыл)**

| Көрсөткүчтөр | Колхоздор | |
|---|---|---|
| | Жданов атындагы | «Жеңиш» |
| Койдун саны | 65427 | 31431 |
| Структуралык бир койго: | | |
| өндүрүлгөн жүн (таза булада), кг | 1,87 | 1,64 |
| Кой эти, кг | 17,0 | 16,7 |
| Алынган киреше, сом | 59,03 | 54,56 |
| Кой чарбасынын рентабелдүүлүгү | 144,8 | 65,8 |

Жданов атындагы колхоз тяньшань тукумундагы, «Жеңиш» колхозу кыргыздын уяң жүндүү койлорун өстүрүшөт.

Аталган чарбалар коңшулаш жайгашуу менен табигый климаттык жана экономикалык шарттары бирдей. Жданов атындагы колхоздо койдун саны экинчи чарбага караганда эки эседен ашык көп болсо дагы жыл башындагы бир койго жүн таза булага айландырганда 1,87 кг түзүү менен 14% ке, кой эти — 1,8% ке артык өндүрүлгөн. Кой чарба продуктыларын сатуудан биринчи чарбада бир койго эсептегенде 59 сом 03 тыйындан киреше алынса, экинчисинде бул көрсөткүч 54 сом 56 тыйынды түзүү менен 8,2% ке аз алынган же айырмасы 4 сом 47 тыйынга барабар. Мамлекетке сатылган койдун ар биринин орточо салмагы Жданов атындагы колхоздо — 44, «Жеңиш» колхозунда — 40 кг дан айланган. Бул чарбаларда кой чарбасы кирешелүү тармак болуп эсептелсе дагы рентабелдүүлүк кроссбред жүндүү койлорду өстүргөн чарбада кыргыздын уяң жүндүү койлорун өстүрүүгө адистештирилген колхозго караганда 81,0% ке жогору болгон.

Кроссбред жүндүү тяньшань тукумундагы койлорду өстүргөн зонанын чарбаларында асыл тукум иштерин жүргүзүүнү ургалдаштыруунун жана аргын койлорду бул тукумдун тибине айландыруу иштеринин жолго коюлушунун натыйжасында таза тукумдагы койлордун үлүшү көбөйүүдө. Акыркы жылдары колхоз жана совхоздордо туруктуу тоют базасын түзүү жана аны чыңдоо боюнча бир катар алгылыктуу иштер жүргүзүлдү. Натыйжада зонанын чарбаларында бир койдон алынган киреше акыркы эле алты (1975—1981) жылда 10,6% ке өскөн.

Демек анализди жыйынтыктап келсек, келтирилген фактылар бийик тоолуу зонада тяньшань тукумундагы койлорду экономикалык жактан пайдалуу экендигин жана бул койду өстүрүүгө адистештирилген колхоздор менен совхоздордун экономикасын көтөрүүгө зор өбөлгө түзгөндүгүн айгинелейт.

## Корутунду

Койдун тяньшань тукумунун жаралышы менен Кыргызстандын айыл чарбасы дагы бир жогорку продуктылуу өндүрүш каражатына ээ болду. Республикада эт-жүн багытындагы кроссбред жүндүү койлордун асыл тукум базасы түзүлдү.

Тяньшань тукумундагы койлордун биологиялык өзгөчөлүктөрү жогорку эт-жүн продуктуулугу, тез жетилүүсү жана бийик тоолуу зонанын катаал шарттарына мыкты көнүккөндүгү менен айырмаланат. Өндүргүч кочкорлордун орточо тирүүлөй салмагы 106, толуктоочу козу кочкорлордуку —74, асыл тукум мал катары сатылуучу козу кочкорлордуку —69,7, соолуктардыкы —61—65, токтулардыкы —39—44 килограммга барабар. Төрт-беш айлык козулардын тирүүлөй салмагы орточо 31—33 килограммды түзүү менен алардын кайра өндүрүүгө жараксыздарын туулган жылында этке төгүүгө болот. Козу этин өндүрүү калкыбызда диетикалык эт азыгы менен камсыз кылууну жогорулатуу менен малдын структуралык башына жана жер аянтынын бирдигине эт өндүрүүнү көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. Толуктоодон ашкан козуларды туулган жылы эле этке өткөрүү козу этин стимулдаштыруу, экономикалык жактан негизделген даярдоо баасы жана мамлекеттик атайын стандарт менен ырасталуусу тийиш. Мындай чаралардын комплексин ишке ашыруу ушул тармактын гана эмес, кроссбред жүндүү кой чарбасын өстүрүп жаткан колхоздор менен совхоздордун айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга алып келет.

Тяньшань тукумундагы койлордон өңү ак, жибектей үлпүлдөгөн, жалтырак, узундугу 11 см ден кем эмес кроссбред жүнү кыркылып алынат. Азыркы учурда Нарын областынын чарбалары мамлекетке 1500 тоннадан ашык кроссбред жана кроссбред тибиндеги жүн тапшырат. Натыйжада республика өлкөдө бул жүндү өндүрүү боюнча ири районго айланды. Селекциялык-асылдандыруу иште-

ринде койдун жүн продуктуулугуна жана анын сапатына зор көңүл бурулат. Бир койдон орточо кыркылуучу жүндүн көрсөткүчү боюнча бул тукум өлкөдөгү өстүрүлүп жаткан эт-жүн багытындагы жарым уяң жүндүү башка тукумдардан калышпайт. Орточо жүн кыркымы өндүргүч кочкордуку 9,0—9,5, соолуктардыкы 3,9—4,4, токтулардыкы 3,8—4,2 кг га барабар. Таза буланын чыгышы жогору — 65—70% ти түзөт. Орточо жүн кыркымы боюнча (таза булага эсептегенде) кроссбред жүндүү койлорду өстүргөн райондор республикадагы райондордун ичинде алдыңкы орундарды ээлешет. 1981-жылы Тянь-Шань району ар бир койдон жуулган салмакта 1,87 кг дан жүн кыркып алып бешинчи, Ак-Талаа районунда 1,76 килограммдан айлануу менен жетинчи орунда турушат.

Чарбалардагы адистердин милдети тяньшань тукумундагы койлордон алынуучу продукцияларды өндүрүүнү мындан ары да көбөйтүү, айрыкча сапатын жогорулатуу үчүн койду багуу жана тоюттандыруу факторун ургалдаштыруу менен асылдандыруу иштерин асыл тукум, мейли товардык чарбаларда болобу тереңирээк жана максатка ылайык жүргүзүүгө жетишүү зарыл.

Селекциялык иштердин негизги багыты — каалаган типти өркүндөтүү максатында койдун тирүүлөй салмагын, тоютту актоо жөндөмдүүлүгүн, тез жетилүүсүн, ошондой эле жүн кыркымын жогорулатуу жана жүнүнүн технологиялык сапаттарын жакшыртуу болуп саналат. Бул үчүн асыл тукум мал өстүргөн чарбаларда койлорду өз ичинен кочкор салып, линиялык топтор боюнча өстүрүү ыкмаларын кеңири пайдалануу зарыл. Ишти мындай жүргүзгөндө алынган төлдө ата-энесинин мыкты касиеттерин бекемдеп калууга жана күчтөндүрүүгө шарт түзүлөт. Ал эми товардык чарбаларда таза тукумдагы койлорду өз ичинен кочкор салып өстүрүү ыкмасы менен катар, аргын койлорду тяньшань тукумунун тибине тезирээк айландырууну ишке ашыруу кан сиңирме аргындаштырууну кеңири колдо-

нуу менен тукумду райондоштуруу принциптерин бузууга жол бербөөгө жетишүү зарыл.

Зонада өндүрүлүп жаткан кроссбред жүнүнүн технологиялык сапаттарын өркүндөтүп, мамлекетке бир типтеги кроссбред жүнүн тапшыруу максатында австралиялык корридель кочкорлорун жана алардан алынган өндүргүчтөрдү пайдалануу талапка ылайык, себеби өнөр жайына узундугу 11 см ден кем эмес, тармалдуулугу жүн талчасынын учуна чейин болгон рунонун бардык жерлеринде узундугу жана ичкелиги боюнча бир кылка болгон кроссбред жүнү керектелет.

Кроссбред жүндүү койлордун зонадагы негизги асыл тукум базасы болуп эсептелген Ленин ордендүү Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында жана Тянь-Шань районундагы Куйбышев атындагы колхоздо тукумдун тибине ылайык келген, тукумуна өзүнүн касиеттерин мыкты бере алган жана жогорку эт-жүн продуктулуу койлордун тобун түзүү жана аларды зонадагы чарбаларга жайылтуу боюнча илимдин жана алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин өндүрүшкө тереңирээк киргизүүгө, селекциялык иштердин прогрессивдүү ыкмаларын колдонууга жетишүүлөрү зарыл. Анткени койдун асыл тукумдук жана азыктуулук кунары бул базалык чарбаларда жүргүзүлүүчү асылдандыруу иштерининин деңгээлине көптөн-көп байланыштуу.

Койдун продуктуулугунун биологиялык мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен пайдалануу максатында тоюттандыруунун жана багуунун эң мыкты шарттары түзүлүшү зарыл. Азыр зонадагы бардык чарбаларда витаминдүү чөп унун, гранулданган тоют жана суюк тоют даярдоо боюнча тиешелүү механизмдер менен жабдылган өнөр жайлык типтеги тоют цехтери иштеп жатат. Ошондуктан тоютту даярдоонун алдыңкы технологиясын колдонуу менен койду толук баалуу рацион боюнча тоюттандырууга жетишүү милдети турат.

Кой чарба азык-түлүктөрүн өркүндөтүү, жогорулатуу үчүн эт-жүн өндүрүүнүн технологиясын өркүндөтүү зарыл.

Бул үчүн кой чарба фермаларында алдыңкы технологиянын элементтери, өндүрүштү жана эмгекти уюштуруунун жаңы формалары кеңири жайылтылышы тийиш.

Бийик тоолуу Нарын областынын кроссбред жүндүү кой чарба зонасында койду багуунун, эт-жүн өндүрүүнүн технологиясынын өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар. Ошондуктан, зонанын шартына ылайык келген кой чарбасын жүргүзүүнүн системасын иштеп чыгуу, асылдандыруу иштеринин ыкмаларын колдонуу жана чарбалык-уюштуруучулук иш чаралардын комплексин жүзөгө ашырууга жетишүү тяньшань тукумундагы койдун продуктуулук жана асыл тукумдук сапаттарын өркүндөтүүгө, жогорку сапаттагы көп эт жана жүн өндүрүүгө өбөлгө түзөт.

## МАЗМУНУ


Кириш сөз . . . . . . . . . . . 3
Кроссбред жүндүү кой чарбасын өстүрүүчү зонанын табигый-климаттык шарттары . . 5
Кроссбред жүндүү тяньшань тукумундагы койдун биологиялык өзгөчөлүктөрү . . . 6
Тяньшань тукумундагы койлорду райондоштуруу . . . . . . . . . . . 12
Кроссбред жүндүү кой чарбасынын өнүгүшүнүн азыркы абалы . . . . . . . . . 13
Кроссбред жүндүү кой чарба фермаларында асылдандыруу иштеринин негизги ыкмалары 22
Кочкорлорду тандоо, багуу жана төлүнүн сапаты боюнча баалоо . . . . . . . . 34
койду линия боюнча өстүрүү . . . 42
оторлорду түзүү . . . . . . . 43
жаңы технология — жалпыга . . . 43
Тяньшань тукумундагы койлорду өркүндөтүү жолдору . . . . . . . . . . . 51
Кроссбред жүндүү кой чарбасын өстүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугу . . . . 61
Корутунду . . . . . . . . . . 66

*Георгий Иванович Друженьков,*
*Евгения Степановна Друженькова,*
*Асанбек Сармашаевич Ажибеков*

РАЗВИТИЕ КРОССБРЕДНОГО ОВЦЕВОДСТВА В КИРГИЗИИ

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензент: *С. Жетимишов,* биология илимдеринин кандидаты

Редактору *З. Иманалиева*
Көркөм редактору *Н. Шевердина*
Тех. редактору *Л. Шевченко*
Корректору *А. Шатманова*

ИБ № 2578

Терүүгө 28. 09. 1983-ж. берилди. Басууга 25. 04. 1984-ж. кол коюлду. Д—06549. Басмаканалык № 2 кагаз. Адабий арипи, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108 1/32. 2,25 физ. басма табак, 3,15 шарттуу басма табак. 3,178 учеттук табак. 3,325 боёк түшүрүү. Тиражы 1000. Заказ № 379. Баасы 15 т.

Элдердин достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

**1984-жылы «Кыргызстан» басмасынан төмөнкүдөй айыл чарба адабияттары чыгат:**

**Б. Матанов.** Таштактагы лимон жана жүзүм

**О. Кутманов.** Эчки чарбасы — кирешенин булагы

**А. Назаркулов.** Ирилештирилген чабандык бригада

**С. Магмашарипов.** Бал өстүрүүчүнүн справочниги

**М. Н. Калинин, А. И. Коряковский.** Коён өстүрүүчүлөргө жардам